Ханнс Зайдель Фондусунун
Борбордук Азиядагы өкүлчүлүгү

Hanns Seidel Stiftung
Представительство в Центральной Азии

Курчап турган чөйрөнү коргоо маселесине коомдук катышуунун тажрыйбасы

Кыргызстандын айыл жашоочулары үчүн колдонмо

Түзүүчүлөр: Д.А.Ветошкин, А.А.Никулина

Бишкек 2014-ж.

Мазмуну:

Киришүү

Ханнс Зайдель Фондусунун «Жергиликтүү деңгээлде экологиялык тарбия берүү» программасы **5**

Экология маселесине көңүл буруу эмне үчүн маанилүү **7**

1-бөлүк. Калк курчап турган чөйрөнүн абалын (сапатын) кантип аныктай алат **11**

1.1. Тирүү организмдердин жардамы аркасында ошол чөйрөнүн абалын аныктоо 12

- Биологиялык индикация деген эмне
- Суунун биологиялык индикациясы
- Жайыттардын биологиялык индикациясы
- Абанын биологиялык индикациясы

1.2. Курчап турган чөйрөнүн абалына тиешелүү маалыматтарды алууга талаптарды түзүү 19

1.3. Лабораториялар менен кантип иш алып баруу керек 20

1.4. Сууну жана жер кыртышын кантип текшерүүгө болот 21

2-бөлүк. Социалдык катышуу тажрыйбасы **23**

- Коомдук экспертиза
- Коомдук угуулар
- Экологиялык акциялар
- Экологиялык маалыматтарды алуу компаниялары
- Мектептерде тренингдерди кантип өткөрүү керек
- Жергиликтүү жашоочулар менен жыйындарды кантип өткөрүү керек

3-бөлүк Экологиялык укук деген эмне жана биз кандай укуктарга ээбиз **44**

- Жаратылышты коргоо жагында кабыл алынган улуттук мыйзамдар
- Жаратылышты коргоо жагындагы эл аралык мыйзамдар
- Жергиликтүү калктын жоопкерчилиги

Тиркемелер **59**

Интернеттен пайдалуу ресурстар **75**

Адабияттар **76**

КИРИШҮҮ

Ушул усулдук колдонмо аркылуу сиздер менен дагы бир жолу жолугушуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп жатканыбыз үчүн кубанычтабыз. Бул китепти биз эмне үчүн колдонмо деп атадык? Анткени анда камтылган материалдар бардыгыбыз кайдыгер карай албаган теманы чагылдырып, күндөлүк турмушубузда бизди коштоп жүргөн маселелерге арналган.

Колдонмонун 1-бөлүгүндө биз экологиялык мониторинг маселесине ырааттуу токтолдук. Сунушталган ыкмалардын жардамы менен сиздер курчап турган чөйрөнүн абалын аныктоого, анда жүрүп жаткан өзгөрүүлөрдү байкоого алып, келечекке болжолдоолорду белгилей аласыздар.

Колдонмону 2-бөлүгүндө биз, экологияны тескөө маселесине калайык-калк кантип катыша ала ары боюнча жалпы ой-пикирди ортого салып, талкууга жетиштик. Колдонмодо келтирилген иш ыкмалары жана социалдык катышуу тажрыйбасы мектеп окуучулары, жалпы калайык –калк менен билим берүү жагында иш-чараларды уюштуруп, коомдо экологиялык маселелерди кеңири талкууга мүмкүнчүлүк берип, ошондой эле адам баласына ыңгайлуу чөйрөнү калыптандыруу жагында укуктарды коргоо маселесин биргелешип чечүүгө өбөлгө түзөт деген терең ишенимдебиз.

3-бөлүктө Кыргызстандын экологиялык маселелерине арналган мыйзамдары боюнча кыскача маалыматтар келтирилген. Бул бөлүктө ошондой эле, биздин өлкө тарап катары кошулган эл аралык конвенциялар жөнүндө да маалыматтар камтылган. Мындан тышкары сиздер, Колдонмонун тиркемелеринен бардык мыйзамдардын тизмеги менен таанышып, келтирилген шилтемелерге ылайык зарыл болгон документтерди табуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болосуздар.

Басылманы даярдоодо биз Кыргызстандын алдыңкы адистеринин иштеп чыгууларына жана аларды ийгиликтүү ишке ашырган дүйнөлүк тажрыйбалык мисалдарга таяндык. Сиздер ошондой эле, келтирилген адабияттардын тизмеги менен таанышып, аларды тиешелүү шилтемелер аркылуу интернеттен таба алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болосуздар.

Негизинен, бул иштелип чыккан колдонмо, экологиялык маселелер боюнча иш алып барууда сиздерге жакындан жардам берет деген ишенимдебиз. Кыргызстандын айыл калкы күндөлүк турмушунда башынан кечирип, дуушар болуп жаткан көйгөйлөрдү, орун алып жаткан социалдык маселелерди мамлекеттик уюмдар жана жеке компаниялар менен конструктивдүү жана сабаттуу негизде иш алып барууну жөнгө салуу аркылуу гана чечип албастан, жаратылыш байлыгын пайдалануу жагында башкалар үчүн үлгү боло аларыңарга да ишенебиз.

Сиздердин иш-аракетиңиздерден олуттуу ийгиликтер жаралаарын унутпаңыздар, ошондуктан бул колдонмо менен таанышып, анда айтылган сунуштарды жана ой-пикирлерди күндөлүк турмушуңуздарда колдонуп, ал ийгиликтерге өбөлгө түзөөрүнө терең ишенебиз. Албетте, экологиялык

маселелер боюнча сабаттуулукту жогорулатуу жана иш алып баруу ыкмалары – бул адистердин гана колунан келет. Ошондой болсо да, сиздер өз эмгек жамаатыңар, жакын адамдарыңар менен бирге жашап жаткан айылыңарды экологиялык жактан коопсуз аймакка айландырып, келечек муундар үчүн ар тараптан өнүккөн, айлана-чөйрөсү кулпунуп, жашыл кымкап жамынган, жашоо-шарты талаптагыдай камсыздалган коомго айландырууга үзүрлүү салым кошо аласыңар деген тилекте, ушул колдонмонун сиздердин карооңуздарга сунуштайбыз.

Дмитрий Ветошкин
Анна Никулина

Ханнс Зайдель Фондусунун
“Кыргыз Республикасында жергиликтүү деңгээлде экологиялык тарбия берүү” программасы

Ханнс Зайдель фондусу 2012-жылы “Кыргыз Республикасында жергиликтүү деңгээлде экологиялык тарбия берүү” аталышында программаны ишке ашырууну баштаган. Программа 2012-2015-жылдар аралыгында жүзөгө ашырылмакчы.

Кыргызстанда жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарын, жаратылышты коргоо боюнча жигердүү иш алып барган топторду, жергиликтүү активисттерди, жарандык сектордун өкүлдөрүн, мектеп окуучуларын жана мугалимдерди, ошондой эле бул маселеге таламдаш тараптарды жана Ханнс Зайдель фондусунун мурдагы бүтүрүүчүлөрүн ишке тартуу менен курчап турган чөйрөнү коргоо жагында жергиликтүү деңгээлде мүмкүнчүлүктү жакшыртуу - аталган программанын негизги максатынан.

Программанын негизги иши ушул максатта тандалып алынган субъекттерде: Токтогул (Жалал-Абад областы), Тоң (Ысык-Көл областы) райондорунда ишке ашырылат. Демек, программанын иши райондук мамлекеттик администрацияларда жана тандалып алынган 18 айыл аймактарына топтоштурулган.

Программанын алкагында аткарылуучу негизги милдеттерден болуп төмөнкүлөр саналат:

1. Кыргыз Республикасында жергиликтүү деңгээлде экологиялык тарбия берүү жагында орун алган көйгөйлөргө жана керектөөлөргө талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү;
2. Экологиялык тарбия берүү үчүн окуу жана маалыматтык материалдарды жана ар кандай колдонмолорду иштеп чыгуу жана курчап турган чөйрөнү коргоо жагында жергиликтүү жамааттардан потенциалын жогорулатуу.
3. Айыл жеринде экологиялык тарбия берүүнүн жаңы концепциясын жайылтуу үчүн жергиликтүү тренерлерди окутуу.
4. Колдонуудагы мыйзам актыларын эске алуу менен курчап турган чөйрөнү коргоо укугун алкагында билдим берүү жана квалификацияны жогорулатуу боюнча иш-чараларды жүзөгө ашыруу.
5. Жергиликтүү жамааттардын курчап турган чөйрөнү коргоо технологиялары боюнча потенциалын арттыруу жагында тиешелүү иш-чараларды жүргүзүү (калдыктарды жок кылуу жана аларды кайра иштетип пайдалануу, иче турган таза сууну сапаттуу сактоо, жаратылышты коргоо ж.б.).
6. Жергиликтүү калкты, жарандык коом өкүлдөрүн жана жергиликтүү мектептерди курчап турган чөйрөнү коргоо маселелерин чечүүгө жигердүү тартуу боюнча семинарларды өткөрүү.
7. Жергиликтүү деңгээлде курчап турган чөйрөнү коргоо боюнча стратегиялык концепцияны иштеп чыгууда тандалып алынган субъекттерге консультацияларды берүү.
8. Жергиликтүү деңгээлде курчап турган чөйрөнү коргоону кеңири жайылтуу боюнча стратегиялык концепциянын талаптарынын аткарылышына

контролдукту жүргүзүү үчүн жыл жыйынтыгы боюнча мониторинг жүргүзүү/аналитикалык баяндама даярдоо форматын иштеп чыгууда тандалып алынган субъекттерге консультацияларды берүү.

Күтүлүп жаткан натыйжалар:

1. Тандалып алынган пилоттук аймактарда курчап турган чөйрөнү коргоо маселесинде орун алган проблемаларды жана керектөөчүлөрдү аныктап, талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү жана максаттуу топтордун ошол маселелерди чечүүгө биргелешип катышуу мүмкүнчүлүгүн арттыруу.
2. Жергиликтүү жамааттардын “Кыргыз Республикасында жергиликтүү деңгээлде экологиялык тарбия берүү” темасында потенциалын жогорулатуу үчүн маалыматтык жана окуу материалдарын иштеп чыгуу жана аларды тандалып алынган пилоттук айыл аймактарында жана шаарларда колдонуу.
3. Пилоттук айыл аймактары жана райондук мамлекеттик администрациялар курчап турган чөйрөнү коргоо технологиясы жагында зарыл билим деңгээлине ээ жана колдонуудагы мыйзам талаптарын эске алуу менен курчап турган чөйрөнү коргоо укугун талаптагыдай жүзөгө ашырууга аракеттенишүүдө.

ЭКОЛОГИЯ МАСЕЛЕСИНЕ КӨҢҮЛ БУРУУ ЭМНЕ ҮЧҮН МААНИЛҮҮ

Экологиялык проблема жөнүндө ойлонууда эң оболу, адам баласынын аң-сезимине глобалдуу экологиялык кырсыктар гана эске келет. Ошону менен бирге эле, күндөлүк турмушубузда мына ушундай көйгөйлөргө өзүбүз шарт түзүп жаткандыгыбызга анчалык маани бербейбиз. Адам баласынын саламаттыгы эң оболу, жергиликтүү жашоо шартка, коммуналдык ыңгайлуулуктардын түзүлүшүнө, суу менен камсыз болуу ыкмаларына, ресурстарды кайра иштетүү мүмкүнчүлүгүнө жана анын сапатына жараша болот. Өнөр жай калдыктарынан, автоунаалардан бөлүнгөн заттардан абанын бузулушун, химиялык калдыктардан агынды суулардын жана жер астындагы суулардын булганышы, пестициддерден жана оор металлдардан жер ресурстарынан жабыр тартышы сыяктуу антропогендик таасир этүүлөр курчап турган чөйрөнү гана эмес, адам баласынын ден соолугуна да кесепетин тийгизүүдө. Учурунда мындай көйгөйлөргө көңүл бурулбай, антропогендик таасир этүүлөр жыл сайын күчөп бара жатат, бул көпчүлүк учурда жергиликтүү жамааттарды өнүктүрүү табигый чөйрөнү бузуунун эсебинен жүрүп жаткандыгына да байланыштуу. Экологиялык проблемалардын курчушуна токойлордун кыркып жок кылынышы, уруксатсыз аңчылык, жайылып өскөн өсүмдүктөрдү өрттөп жок кылуу, жайыттарды эс алдырбастан, тынымсыз мал жайып жер кыртышын кунарсыздандыруу, токойлорго мал жаюу сыяктуу жаратылышка, айлана-чөйрөгө калпыс мамилелер, экологиялык проблемалардын тереңдеп кетишине түрткү берүүдө. Мында негизгиси, токой тилкелери жайылып өскөн бадал өсүмдүктөрү, шалбаалар жана жашыл кымкап жамынган талаа-түздөр шериктештиктердин эң эле негизги “капиталы” мына ушулар. Табигый мына ушул комплекстер экосистеманы түптөйт. Адам жашаган аймактардан (бактардан, гүл бакчалардан, үй жанындагы чарбактардан ж.б.) айырмаланып, экосистемада бардык компоненттер бири-бири менен тыгыз өз ара байланышта жашайт. Бир организм экинчисине шарт түзүп, алардын калдыктары башкалары үчүн азык болуп, ал эми үчүнчүсү башка

бирөөлөрдүн жашоо шартына ыңгайлуулуктарды түзүп, ошентип улам чиеленип олтуруп, жалпы экосистеманы калыптандырат. Көз чаптырып караганда эч кандай тиричиликтин белгиси билинбеген такыр талаада да миңдеген организмдер эриш-аркак күн кечирип келет. Экосистеманы калыптандырган мына ушундай татаал, өз ара чиеленишкен тутум “турмуш фабрикасы” деп аталат. Адам баласы да мына ушул фабрикадан азыктанып, анын кызматынан пайдаланат. Фабриканын продуктысы дегенден улам, дароо эле каныга бышкан керемет жыттуу мөмөлүү жемиштерди, ар түрдүү илдеттин дабасы болгон дары чөптөрдү, негизги азыктан болгон сүт жана этти камсыздаган мал жайылган көк шибер жайытты түшүнүү зарыл. Ал эми ошол фабрика адам баласына сунуштаган кызматтар тууралуу көпчүлүгү жакшы билбейт. Мына ушул кызмат көрсөтүүнүн эсебинен биздин планетада жашоо шарданы өкүм сүрүп, ар бирибиздин турмушубуз, ден соолугубуз жана коопсуздугубуз аны менен түздөн-түз байланыштуу экендигин анчалык маани берип, билбей келебиз. Анда эмесе, адам баласына сунушталган мына кызматтар тууралуу сөз кылабыз жана аларга төмөнкүлөр кирет:

- Абаны жана суунун тазалоо (ууландыруучу жана абаны булгоочу заттардан коргоо, алардын тарап кетишине бөгөт коюу);
- Климатты турукташтыруу (аба нымдуулугун, демек аба басымын жөнгө салуу);
- Ультрафиолеттик нурлардан коргоо (атмосфераны калыптандыруунун эсебинен);
- Басымдын таасирин, шамалдын жана суу толкундарынын күчүн майтаруу;
- Нымдуулукту жөнгө салуу (аба нымдуулугун өсүмдүктөргө бөлүштүрүүнүн эсебинен);
- Суу ташкындарынан жана кургакчылыктан коргоо (атмосферадагы жана жер кыртышындагы нымдуулукту бөлүштүрүүнүн эсебинен);
- Жан-жаныбарлардын миграциясын камсыз кылуу;
- Жер кыртышын калыбына келтирип, асылдандыруу (жер семирткичтерди иштеп чыгып, кыртыштагы микроорганизмдердин тиричилигин колдоого алуу);
- Эрозияны көзөмөлдүккө алуу;
- Тоо беттеринде нымдуулукту бөлүштүрүү, өсүмдүктөрдү тигүү аркылуу аларды армировкалоо;
- өсүмдүктөрдүн жана жан-жаныбарлардын байыр алып, тиричилигине ыңгайлуулуктарды түзүү;
- табигый өсүмдүктөрдүн чаңдашуусуна шарт түзүү (жапайы курт-кумурскалар аркылуу),
- үрөөндөрдүн жайылып тарашына өбөлгө түзүү;

- ар кандай зыянкечтерге бөгөт коюу (илдеттерди тараткан канаттууларга, жаныбарларга, курт-кумурскаларга).

Мына ушундай кызмат көрсөтүүлөргө адам баласы анчалык маани бербей келет. Анткени алар бекер сунушталууда. Бирок, жаратылыштын мындай байлыктары сарамжалсыз, ысырапкорчулук менен пайдаланылышы, түпкүлүгүндө келип эч кандай каржылык колдоо калыбына келтире албаган экологиялык коопсуздукту жана жамааттарды өнүктүрүүнү камсыз кыла албай калышы мүмкүн.

Кыргызстанда жамааттар табигый экосистема менен түздөн-түз, тыгыз байланышта тиричилигин жүргүзүп келет. Мына ошондуктан, жамааттардын тандоосунан адам баласынын мындан аркы жашоосу жана коопсуздугу көз каранды.

БҮГҮНДӨН ТАРТЫП ЭЛЕ ЭМНЕ КЫЛУУ КЕРЕК?

Өз алдынча:

- Сиз жашап жаткан аймакта өскөн өсүмдүктөр жана жан-жаныбарлар боюнча курчап турган чөйрөнүн абалын аныктоого үйрөнүп, мамлекеттик органдарга талаптарды коюп, лаборатория менен иштөөнү жөнгө салгыла. Бул экологиялык тобокелдиктерге баа берүүгө жана өз жакындарыңарды, курчап турган чөйрөнү жана бүтүндөй жамаатты коргоо чараларын болжолдоп, келип чыгуучу тобокелдиктерге каршы дароо чара көрүүгө мүмкүндүк берет.
- Күндөлүк турмушуңарда табигый экосистемага кесепеттүү таасирин тийгизүүчү жагдайларга бөгөт коюуга аракет кылгыла. Мында экосистеманын жогоруда белгилеп кеткен кызмат көрсөтүүлөрүн унутпай, алар келечек муунга калчу мурас экендигин эсиңерден чыгарбагыла.
- Жакындарыңарга табигый экосистеманы сактоонун маанилүүлүгү жөнүндө түшүндүргүлө. Ушул аркылуу гана силерге тилектеш болгондордун катары көбөйүп, натыйжада курчап турган чөйрөнү сактоо, жамааттын экологиялык коопсуздугун камсыз кылуу жагында таасирдүү иш-чараларды жүргүзүүгө жетишесиңер.
- Жашаган аймактарыңарда курчап турган чөйрөнү жакшыртууга багытталган экологиялык акцияларды жана компанияларды өткөрүүнүн демилгечисинен болуп, аларга активдүү катышкыла.

Жамааттар деңгээлинде:

- Жамааттарда орун алган экологиялык маанилүү маселелерди чечүүгө активдүү катышкыла. Экологиялык маселелер боюнча иш алып барган демилгелүү топторду түзгүлө. Жамааттарды өнүктүрүү жана табигый экосистеманы талаптагыдай сактоо жолдорун иштеп чыгуу менен бизнес чөйрөсү жана бийлик ортосунда конструктивдүү диалогду уюштургула.
- Табигый экосистеманын аймактарын, суу булактарын, жер кыртышын, жайылып өскөн өсүмдүктөрдү, жайыттарды сактагыла, анткени бул бүтүндөй калайык калктын, жан-жаныбарлардын, өсүмдүк дүйнөсүнүн коопсуздугу жана өнүгүп өсүшү андан айрыкча көз каранды болгон “табигый капитал”.
- Чакан коруктарды түзүүнү, токойлорду, бадалдарды башка өсүмдүк түрлөрү менен калыбына келтирүүнү, жайыттарды калыбына келтирүү боюнча иш-чараларды, суу башаттарын таштандылардан тазалоо иш-чараларын демилгелегиле. Мына ушул иш-чараларды бир жолу гана эмес, дайыма өткөрүлүп туруучу салтка айландыргыла.

Бардыгыбыз жаратылышка барып эс алууну жакшы көрөбүз. Демек, колдо болгон табигый байлыгыбызга аяр, этият мамиле жасоо аркылуу аны көздүн карегиндей сактап, келечек муунубузга өткөрүп берүүгө тийишпиз. Мындан тышкары, биз сиздер менен бирге жаратылышты калыбына келтирүү үчүн шарттарды түзүп, айлана-чөйрөнү көрктөндүрүү жагында биргелешкен күч-аракетти жумшоого тийишпиз. Көпчүлүк менен бирге көргөн иш-аракеттердин натыйжасында, табийгат кыргыз элине тартуулаган керемет табияттын, таза суунун, абанын жана жаратылыш байлыгынын берекесин көрүп, келечек муунга аларды татыктуу өткөрүп беребиз.

1-БӨЛҮК. КАЛАЙЫК-КАЛК КУРЧАП ТУРГАН ЧӨЙРӨНҮН АБАЛЫН КАНТИП АНЫКТАЙ АЛАТ

Курчап турган чөйрөгө байкоо жүргүзүү, кыска мөөнөткө жана узак мөөнөткө болжолдоолор кылымдар бою ишке ашырылып келген. Көп жашаган адамдар, аксакалдар жан-жаныбарга жана өсүмдүктөрдүн абалына кылдат байкоо жүргүзүү аркылуу, эч кандай илимий болжолдоолорго таянбастан эле, аба-ырайын аныктай алышкан. Айлана-чөйрөдө күн кечирип, тиричилик кылгандардын бардыгы болжолдоолорго мүмкүндүк берип, жаратылыштын тигил же бул факторлорун алдын алып, ага даярдануага өбөлгө түзгөн. Жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн абалы боюнча курчап турган чөйрөнүн сапаты тууралуу корутунду чыгарууга болот. Курчап турган чөйрөнүн компоненттерине мына ушундай атайы байкоо жүргүзүү экологиялык мониторинг деп аталат. Ал эми экологиялык мониторинг дегенден улам, курчап турган чөйрөгө байкоо жүргүзүү, аны абалына баа берүү жана болжолдоолор системасын түшүнүү зарыл. Мониторингдин негизги принциби – бул ***үзгүлтүксүз көз салып, байкоо жүргүзүү.***

Мониторингдин башкы максаты - курчап турган чөйрөнүн абалына жана анын канчалык деңгээлде булганып жатышына байкоо жүргүзүү. Экосистемага жана адам баласынын ден соолугуна антропогендик таасирлерине жана анын кесепеттерине өз учурунда баа берүү, ошондой эле жаратылышты коргоо боюнча иш-чаралардын натыйжалуулугу, бүгүнкү күндө да өтө маанилүү маселеден.

Мониторинг өзүндө белгилүү бир өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын жашоо-шартына байкоо жүргүзүүнү, суу, жер кыртышын текшерүүдөн өткөрүү үчүн лабораторияларга кайрылууну, ошондой эле тиешелүү жабдуулары менен адистерди чакыруу иш-чараларын өзүнө камтыйт. Өткөндө алынган жана учурдагы маалыматтарды бири-бирине салыштыруу үчүн экологиялык маалыматтарды алуу жана жүргүзүү алардын милдетине кирген тиешелүү мамлекеттик органдарга кайрылуу зарыл.

Экологиялык мониторингди жүргүзүү үчүн курчап турган чөйрөнүн абалына тиешелүү так фактыларды алуунун бир нече деңгээли жөнгө салынган, ушул главада биз алар тууралуу кен-кесири сөз кылабыз.

ТИРҮҮ ОРГАНИЗМДЕРДИН ЖАРДАМЫ АРКАСЫНДА КУРЧАП ТУРГАН ЧӨЙРӨНҮН АБАЛЫН (САПАТЫН) АНЫКТОО

Курчап турган чөйрөнүн абалын аныктоо үчүн тирүү организмдин кыймыл-аракетине байкоо жүргүзүү ***биоиндикация ыкмасы*** деп аталат. Биоиндикациянын (биотесттин) негизинде жан-жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн айрым бир түрү курчап турган чөйрөнүн бир аз эле өзгөрүүсүнө да өтө сезгич келээрин тастыктаган табигый мыйзам жоболору камтылган. Анткени, мисалы ар бир өсүмдүктүн түрү белгилүү бир табигый шарттарга ыңгайлашып өскөндүктөн, курчап турган чөйрөнүн өзгөрүүсү анын физиологиясына, морфологиясына жана табигый шартка ыңгайлашуу мүмкүнчүлүгүнүн өзгөрүшүнө түрткү бериши ыктымал. Дал мына ушул тирүү организмдердин көзгө урунган өзгөрүү мүмкүнчүлүгү табигый чөйрөнүн абалы, демек түпкүлүгүндө келип, биологиялык индикациянын орун алышы тууралуу корутунду чыгарууга мүмкүндүк берет.

Биологиялык индикаторлорго (байкоо жүргүзүү талап кылынган жан-жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн түрлөрүнө) бир катар талаптар коюлат. Эң оболу бул талаптар, экологиялык жагдайга талдап-иликтөөлөр жүргүзүлгөн ошол аймакка мүнөздүү болууга тийиш. Албетте алар да, тиричилик чөйрөсүндө белгиленген нормадан бир аз четтөөлөргө карата так айырмалап көрүүгө боло турган морфологиялык, физиологиялык, сандык жана сапаттык өзгөрүүгө ээ болууга тийиш. Акырында келип, индикаторлор түрлөрүнүн биологиясы жана физиологиясы жакшы, талаптагыдай иликтөөгө алынышы зарыл.

Калк жашаган жерлерде абанын биологиялык индикацияланышынын эң мыкты ыкмаларынын бири болуп лихеноиндикация саналат, башкача айтканда эңилчектерден абалын иликтеп көрүү аркылуу абаны тесттен өткөрүү. Дарак бутактарында жана таштардын беттеринде алардын пайда болушу абанын

булгануу деңгээлине түздөн-түз байланыштуу экендиги белгилүү. Ал эми эңилчектердин жок болуп кетиши, абада күкүрт аралашкан газдын жогорку деңгээлде камтылышын түшүндүрөт.

Суулуу жерде балыктардын күтүүсүз илдетке чалдыгышы жана рак түрдүүлөрдүн кырылып жок болушу экологиялык кооптуулуктун айкын белгиси болуп саналат. Суулуу жерлердин абалы тууралуу бир кыйла так маалыматтарды алуу үчүн ал жерде байыр алган курт-кумурскалардын личинкаларынын абалын иликтөө зарыл. Изилдөө ишинин биоиндикациялык ыкмаларынын маанилүүлүгү менен биоиндикация курчап турган чөйрөнүн улам булганып жаткандыгын аныктоону болжолдоого түрткү берээрин белгилеп кетүү зарыл. Көлмөлөрдүн узак убакыт бою булганышынын кесепетинен көз менен айкын аныктоого мүмкүн болгон жагдай келип чыгат. Ошентип, булганууга дуушар болгон көлмөлөрдөгү тирүү организмдердин курамы, белгилүү бир убакыт ичинде ошол аймактын химия-физиологиялык мүнөздөмөсү тууралуу жыйынтык чыгарууга жана изилдөө учурунда аларга баа берүүгө өбөлгө түзөт. Кыш мезгилинде биоиндикация системасы колдонулбайт. Анткени тирөө организмдер убактылуу тынып жаткандыгынан улам, аларды кармап изилдөө жүргүзүүгө мүмкүн эмес.

Жер кыртышынын жана жайыттардын абалын аныктоо үчүн да биологиялык индикация олуттуу мааниге ээ. Кеңири тарап өскөн өсүмдүк кыртыштын абалына изилдөө жүргүзүүнүн ишенимдүү индикаторунан боло алат. Мисалы, чалкан өсүмдүгүнүн жер тилкесинде жапырт, каптап өсүшү кыртышта азоттун өтө эле көп экендигин айгинелейт (малдын кыгы же заарасы менен булганган жерлер). Ал эми дан өсүмдүктөрү өспөй, жердин такырайышы ушул элементтин дегеле жетишсиздигин далилдейт. Кыртыштын биологиялык индикация ыкмасы геологиялык чалгындоо жана тоо кендерин казып алуу компанияларынын ишинен кийин жерди кайра культивациялоодо кеңири колдонулат.

СУУНУН БИОЛОГИЯЛЫК ИНДИКАЦИЯСЫ: Омурткасыз организмдер аркылуу суунун сапатын кантип аныктоого болот[1]

	Таза суу (X)	Бир аз булганган суу (Y)
Көлдөр, көлмөлөр	Ийнеликтин личинкасы; Капталдап сүзүүчү; Журок сымал кашкапкалуу молюска	Тең камат иймеликтин личинкалары; Жандагыч камбала
Дарыялар	 Жаскүчөк төр; Күшүмдүктар Личинкасы; Түнкаматтар түмөчү жана личинкалар	Капталдап сүзүүчү; Тең камат иймеликтин личинкалары; Ызылдап чымындып мичин парары; Тартак чиркейдип личинкалары

Суунун сапатын кантип аныктоо керек?

1. Омурткасыз организмдер көп кездешкен көлмөдөн бир аз суу сузуп алгыла. Бул үчүн атайы чөмүч же пияла талап кылынат. Личинкалар адетте таштардын астына жашырынат. Личинкаларда кармап алуу үчүн таштарды өйдө көтөрүп, идишти суунун агымына каршы тоскула.
2. Атайы түзүлгөн таблицаны пайдаланып, алардын түрлөрүн аныктагыла. Колдо болсо, лупа менен сузуп алган сууну текшергиле;
3. Организмдерди үч топко (X,Y,Z), бөлүштүрүп, омурткасыз организмдердин кайсынысы көп санда экендигин аныктоо үчүн изилдөө жүргүзгүлө;
4. Сузуп алган сууда кайсыл топтогу организмдер көбүрөөк экендигин аныктагыла. Топтордун ичинен кайсыл организм көбүрөөк болсо, ал суунун тазалыгын жана сапатын далилдейт. Таблицалардын жана формулалардын жардамы менен узакка жүргүзүлгөн мониторинг учурунда суунун сапатын аныктап, корутунду чыгаргыла;
5. Тирүү организмдерди кошо сузуп алган сууну кайрадан көлмөгө төккүлө.

Булганган сууда тиричилик кылган микроорганимздер таза сууда да гана жашай алаарын да унутпагыла.

1 «БИОМ» ЭДнын "Кыргызстандын көлмөлөрүнүн жандуу индикаторлору" колдонмосунун негизинде даярдалган.

ЖАЙЫТТАРДЫН БИОЛОГИЯЛЫК ИНДИКАЦИЯСЫ: өсүмдүктөр боюнча жайыттардын абалын аныктоо[2]

Булганган суу (Z)	Өтө булганган суу
Коңуздардын личинкалары Ызылдык чирийдин личинкасы Чымындардын личинкалары	**ТИРИЧИЛИК ЖОК**
Мөңгүлөр жакын жайгашып, суу шар аккандыктан, суу жээктеринде тазалап туруу касиетине ээ шалбаалардын жыш өскөндүгүнөн улам, Кыргызстандын аймагында өтө булганууга дуушар болгон дарыялар аз	

Таза сууда кун кечирчилдер, X	**Биз азбулганган Сууда жашаган организмдер, Y**	**Булганган сууда жашагандар, Z**

S=X*3+Y*2+Z*1

Мааниси боюнча S (балл менен эсептегенде) көлмөлөрдүн булгануу деңгээлин аныктайт:

- 22 баллдан жогору – көлмө тазалыгы 1-сапатка ээ;
- 17-21 балл - 2 класстагы сапатта;
- 5-16 балл – көлмө биз аз булганган, сапаты 3 класс;
- 4кө жетпейт – көлмө өтө булганган, сапаты 4-5 класс деңгээлинде.

2 "Кыргызгипрозем" мамлекеттик долбоорлоо институтунун жайыттарга мониторинг жүргүзүү бөлүмүнүн начальниги, Пенкина Людмила Михайловна менен биргеликте иштелип чыккан.

ЖАЙЫТТАР ТАЛАПТАГЫДОЙ АБАЛДА	
Боксо тоонуз жерляр	Бийик тоонуз жерлерде
 ***Ежа сборная*** *(Топтолушкан/Ак-сотко/Каракияк)* ***Мятлик луговой*** *(Кар кыяк / Талаа жыл-ганы / Кара шилби)*	***Типчак*** *(Бетеге)* ***Ковыль-волосатик*** *(Тырса/Кылкан / Күдө)*
Талаптагыдай абалынан тайып бара жаткан жерлер	
Боксо тоонуз жерляр	Бийик тоонуз жерлерде
Марь белая / Лебеда *(Кыйгак)* ***Подорожник большой*** *(Чоң бака жалбырак)*	***Эремурус гребенча-тый*** *(Шыраш Кулунчак)* ***Карагана древо-видная*** *(Алты гана)*

Талаптагыдай күтүлгөн жайыттарда ар кандай өсүмдүктөр өсөөрү мүнөздүү көрүнүш, мында өсүмдүктөрдүн кыртышка жайылып өсүшү 60% - 100% чейинкини түзөт. Чөптөрдүн тегиз, жапырт каптап өсүшү жана чырмоок чөптөрдүн жоктугу Жайыттардын абалынын алгылыктуу экендигин далилдейт.

Ал эми жайыттардын аймагынын 20% көбүрөөгү такырайып, 15% көбүрөөгүн отоо чөптөр каптаган шартта жайыттар такырайып, бара-бара кунарсызданып бара жаткандыгын айгинелейт. Бул учурда мал башын кыскартуу жана мал жайууну азайтуу талап кылынат.

Талаштагыдай абалынан дээрлик ажыраган жерлер	
Боксо тоонуз жерляр	Бийик тоонуз жерлерде
Мальва низкая / просвирник / «калачик» *(Барксыз топчу баш)* ***Бурачок пустынный*** *(Кунжа чоп)*	***Тысячелистник*** *(Кечерек баш)* ***Лютик едкий*** *(Уулуу байчечекей)*
Кунарсызануз	
Боксо тоонуз жерляр	Бийик тоонуз жерлерде
Татарник тонкочашуйчатый *(Керимчек)* ***Горец птичий / спорыш*** *(Машра кымыздык)*	***Манжетка отклоненноволосолистная*** *(Жапрак / Тенге чоп)* ***Горец альпийский*** *(Кымыздык / Таран)*

Мындай абалга туш болгон жайыттардын аймагынын кеминде 20% гана табигый өскөн чөптөр, 10%-15% чейин отоо чөптөр каптайт.

Мал тынымсыз жайылгандыктан, жайыт беттери такырайып, кунарсызданат, мал жандыктардын учтуу туяктары өсүмдүктөрдүн тамырына доо кетирип, алардын өсүшүн начарлатат. Такырайган аймактар эрозиянын очогуна айланып, шамал жана суу эрозиясынын келип чыгышын шарттайт. Ошентип, өсүмдүктөрдүн түрлөрү азайып, отоо чөптөр каптайт. Мындай жагдай келип чыккан учурда, мал жайууну так жөнгө салып, жайыты эс алдыруу менен суу жана шамал эрозиясына бөгөт коюу жагында тиешелүү чараларды көрүү талап кылынат.

АБАНЫН БИОЛОГИЯЛЫК ИНДИКАЦИЯСЫ: эңилчектер абанын сапатын кантип аныктоого жардам берет[3]

Эңилчектер эң эле алгылыксыз шарттарда алгачкылардан болуп пайда болгон организмден болуп саналат. Алар тиричилик токтоп, кунарсыздыкка дуушар болгон жерлерде байыр алып, жашоо шарттын башка формалары үчүн ыңгайлуулуктарды түзөт. Эңилчектер өзүнүн түзүлүшү жана жашоо образы аркылуу абаны булгоочу эң таасирдүү индикатордон болуп саналат. Алар абада күкүрт кычкылы жана башка өндүрүштүк булгоочулар бир аз эле санда болсо да, аларга таасирленип, көбөйүү менен кеңири тарап, адам баласынын ден соолугуна кесепетин тийгизет. Эңилчектер аркылуу абанын булганышына баа берүү лихеноиндикация[4] деп аталат.

График. Күкүрт диоксиди менен абанын булгануу деңгээлин аныктоо

1) Эңилчектердин көп түрдүүлүгү. Бадалдарда (1-сүрөт), жалбырактарда (2-сүрөт) жана чөкмөлөрдө (3-сүрөт) пайда болгон эңилчектер, Бадалдарда эңилчектердин пайда болушу абаны таптаза экендигин тастыктайт.	2) Абанын күкүрт диоксиди менен булганышын (0,05 мг/м^3 чейин) булганышы шартында бадал эңилчектери жоголот. Бирок кочкул бозомук жана чылкый жашыл эңилчектер басат	3) Эгерде азот кычкылы менен булгануу 0,05 мг/м^3 ашса, жалбырактагы эңилчектер да жоголот. Мында, чөкмөлөрдө пайда болгон бир түстүү эңилчектер жапырт каптайт.	4) Аба өтө эле булганган шартта (0,2 мг/м^3 көбүрөөк) эңилчектер такыр жоголот.

3 «БИОМ» ЭДнын экологиялык коопсуздук боюнча материалдарынын негизинде даярдалган.

4 Абаны бир эле жер тилкесиндеги суу эңилчектеринин ар кандай түрүнө узак убакыт бою байкоо жүргүзүүнүн негизинде лихоноиндексация ыкмасы боюнча гана аныктоого мүмкүн. Бир эле аймакта эңилчектердин кездешпегендиги алардын кеңири тарашы мүмкүнчүлүгүнө, нымдуулук, жарыктын тийиши шартына ж.б. байланыштуу

КУРЧАП ТУРГАН ЧӨЙРӨНҮ АБАЛЫ ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТТАРДЫ АЛУУ ҮЧҮН ТАЛАПТАРДЫ ДАЯРДОО

Курчап турган чөйрөнү коргоо жагындагы улуттук мыйзамдар жана Кыргыз Республикасы ага тарап катары кошулган Орхус конвенциясы экологиялык маалыматтарды топтоо менен иш алып барган мамлекеттик органдардан жана юридикалык жактардан тиешелүү маалыматтарды алуу мүмкүнчүлүгүн сунуштайт. Бул, Кыргыз Республикасынын бардык жарандары курчап турган чөйрөнүн абалыма тиешелүү маалыматтарды талап кылууга укуктуу экендигин түшүнөт. Бул үчүн төмөнкү чийме боюнча расмий талап жөнөтүү зарыл.

Экологияга тиешелүү маалымат алуу үчүн 10 кадам:

1- кадам: Маалымат алуу талабы

9* кадам: күнү:

10* кадам: кириш № _____

2-кадам: кимге *талап жөнөткөн адамдын аты-жөнү, талап жөнөтүлүүчү жер*

Кызматы *талап кимге жөнөтүлүп жатат.*

3-кадам: Кимден: *Талап жөнөтүп жаткан адамдын аты-жөнү, талапты ким жөнөтүп жатат, (топ)*

** Талап жөнөтүп жаткан учурда ишке*

4-кадам: **Урматтуу _____!**

Сизден төмөнкү маалыматтарды берүүнү өтүнөм:

- …
- …

Талап жөнөткөн адамды кызыктырган суроолордун тизмеги.
Суроолор маалымат берген орган далилдүү маалыматтарды бере алгандай так түзүлүүгө тийиш.
Абстракттуу түшүндүрмөлөрдү берүүгө жол бербегиле.

5-кадам: Бул маалыматтар … (…үчүн) зарыл

Талабыңызды негиздеп бергиле.

**** Орхус конвенциясында жөнөтүлгөн талапты негиздемесиз жөнөтүүгө укук камтылган***

6-кадам: Бул талап Кыргыз Республикасынын жарандарынын 1997-жлдын 5-декабрындагы "Маалыматтарды алууга кепилдиктер жана аларды эркин пайдалануу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамында бекемделген маалыматтардан пайдалануу мүмкүнчүлүгүнүн Бириккен улуттар уюмунун Европа экономикалык комиссиясынын маалыматтардан пайдалануу, коомчулуктун чечим кабыл алуу процессине катышуу жана курчап турган чөйрөгө тиешелүү маселелер боюнча сот акыйкаттыгынан пайдалануу мүмкүнчүлүгү жөнүндөгү конвенциясынын негизинде берилет.

Эгерде сизге берилген маалыматтардан шектенсеңиз же жооп белгиленген мөөнөттө берилбесе, Кыргыз

Жооп бергениңиз үчүн алдын ала ыраазычылык билдирип

_____

7-кадам: Аты-жөнү

8-кадам: кол тамгасы _____

ЛАБОРАТОРИЯЛАР МЕНЕН КАНТИП ИШ АЛЫП БАРУУ КЕРЕК

Лабораториялык изилдөөлөрдүн натыйжалары – курчап турган чөйрөнүн абалына мониторинг жүргүзүү процессиндеги маанилүү көрсөткүч. Изилдөө ишинин жыйынтыгын алуу үчүн мамлекеттик сыяктуу эле, менчик лабораторияларга кайрылууга болот. Бирок мында, сиз кайрылган лаборатория тиешелүү иш багытына адистешип, сертификацияланган жана изилдөөнүн жүргүзүүгө лицензиясы болууга тийиш. Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын, курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы жагында иш алып барган мамлекеттик агенттик, санитардык көзөмөлдөөнүн мамлекеттик департаментинин түзүмүндөгү уюмдар изилдөөлөрдү жүргүзүүгө ыйгарым укуктуу болгон мамлекеттик органдар болуп саналат. Мамлекеттик лабораторияларын талабы боюнча изилдөө ишин жүргүзүүгө расмий талаптын негизинде чакыртылган, ошол лабораториянын адиси гана изилдөө объектисин алышы мүмкүн. Мамлекеттик лабораториялар изилдөөлөрдү мамлекеттик стандарт боюнча жүргүзүп, сапат боюнча корутундуну берет. Менчик лабораториялардын көпчүлүгүндө буйрутмачылар тандаган компоненттердин ар бири боюнча изилдөөлөр жүргүзүлүп, эч кандай корутундусуз эле, айкын көрсөткүчтөр сунушталат. Изилдөө объектисин алуу ыкмасына жараша лабораториялык изилдөөнүн жыйынтыгы төмөнкүдөй болуп бөлүнөт.

- Такталбаган,
- Так, расмий эмес,
- Так, расмий.

Эгерде, изилденүүчү нерсени алуу учурунда талап кылынган эрежелер жана ыкмалар бузулса, анда алынган натыйжа так эмес болуп калат. Изилдөөнүн натыйжалары курчап турган чөйрөнүн абалы тууралуу айкын маалыматты чагылдыра албай калат.

Изилденүүчүнү алуу талаптагыдай ишке ашырылса, бирок тиешелүү акт толтурулбаса, анда изилдөөнүн натыйжалары так болсо да, изилдөөлөр сертификацияланган лабораторияларда ишке ашырылгандыгына карабастан, расмий мүнөзгө ээ болбой калат. Бул маалыматтар айкын жагдайды чагылдырып, ичте пайдалануу үчүн гана колдонулат. Мындай маалыматтарды жалпыга маалымдоо каражаттарында, соттордо ж.б. далил катары колдонууга мүмкүн эмес.

Изилденүүчүнү белгиленген талаптарга жана эрежелерге ылайык алып, тиешелүү актыны тариздеп, сертификацияланган лабораторияларда жүргүзүлгөн изилдөөнүн натыйжасында алынган маалыматтар гана расмий болуп эсептелинет. Расмий маалыматтар юридикалык териштирүүнүн предмети да боло алат. Ошондой эле, соттук ж.б. териштирүүлөрдө расмий маалыматтарга гана таянып, аларды жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу калайык-калкка таратууга мүмкүн болот. Кыргызстанда иштеп жаткан сертификацияланган лабораториялар жөнүндө маалыматтар 1-тиркемеде келтирилген.

СУУНУ КАНТИП ТЕКШЕРҮҮГӨ БОЛОТ

Бактериологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүү максатында сууну алуу үчүн:
(лаборатория шаймандарын колдонгула)

1. Суу чыгуучу түтүктү спирт же башка тазалоочу заттар менен жакшылап сүртүп, тазалагыла
2. Сууну бурап ачып, түтүктүн узундугуна жараша 2-10 мин агызып койгуча
3. тазаланган бөтөлкөнү алып, оозун ачып, бөтөлкөнүн кырын жана түтүктүн суу чыгуучу оозун жакшылап спирт же башка тазалоочу зат менен тазалагыла
4. Бөтөлкөгө сууну кырына жеткире толтургула
5. Бөтөлкөнүн оозун тазаланган тыгын менен тыгындап, тыгындарды колуңар менен кармабастан абайлап жапкыла (тыгынды бурап, сыртынан оролгон нерсени кармап кынтыксыз жапкыла)
6. Калем сап менен бөтөлкөнүн сыртына ошол күндү, убактысын, кайсыл көлмөдөн алынгандыгын (кошо тиркелет) көрсөтүп, эки саатка жакын суу куюлган бөтөлкөнү муздак жерге коюп коюу талап кылынат.

Суунун жалпы химиялык курамын аныктоо үчүн изилдөө жүргүзүү:
(өзүңөр пайдаланып жүргөн жабдуулар колдонулат)

1. 3 литрдик банканы алып , жакшылап таза жуу зарыл
2. Пластик капкактарды да таза жуу талап кылынат
3. Суу түтүгүн ачып, банканы жана анын капкагын сууга кармап көпкө жакшылап жуу керек
4. Банканын кырына 3-4 сантиметр жеткирбей суу толтуруу зарыл
5. Капкагын бекем жаап, андан соң,
6. Калем сап менен банканын бетине суу алган күндү, убактысын, суу алган жерди көрсөтүп, лабораториянын ичине муздак жерде бир күн коюп коюу талап кылынат

Сууга радиологиялык изилдөө жүргүзүү:
(өзүңөр пайдаланып жүргөн жабдуулар колдонулат)

7. 3 литрдик банканы алып , жакшылап таза жуу зарыл
8. Пластик капкактарды да таза жуу талап кылынат
9. Суу түтүгүн ачып, банканы жана анын капкагын сууга кармап көпкө жакшылап жуу керек
10. Банканын кырына 3-4 сантиметр жеткирбей суу толтуруу зарыл
11. Капкагын бекем жаап, андан соң,
12. Калем сап менен банканын бетине суу алган күндү, убактысын, суу алган жерди көрсөтүп, лабораториянын ичине муздак жерде эки-үч күн коюп коюу талап кылынат.

Жер кыртышы

Кыртыштан жер семирткичтер чачылаганга чейин изилдөө үчүн алуу зарыл. Жер тилкесинин ар кандай жеринен күрөктүн башы баткандай терендикте же андан да бир аз терең (25-30 см) чуңкурларды казуу талап кылынат. Чуңкурчалар өсүмдүктүн тамыры кеңири жайылып, эркин өсүшү үчүн каралат. Ошентип, 15-20

жакын мына ушундай чуңкурларды казуу талап кылынат. Бул бир кыйла так натыйжаларды алууга мүмкүндүк берет. Аймагы 100 $м^2$ келген жер тилкесинин кеминде 15-20 ар башка жеринен бир уучтан топурак алынат. Андан соң ар бир чуңкурчанын капталынан төмөндөн жогору көздөй жука катмар кырынып алынып, алар чакага салынат. Ошентип, бардык чуңкурчадан алынган топурактар аралаштырылып, майда таштардан арылтылат. Кеминде, 1 килограммды түзгөн кыртыш аралашмасын баштыкчаларга салып, оозу бекем буулат. Алынган кыртышты лабораторияга тапшыруунун алдында жер тилкесинин мүнөздөмөлөрү, анын жайгашуу өзгөчөлүгү жана жүргүзүлүп жаткан изилдөөнүн негизги максатын (жердин кунарсызданышын шарттоочуларды изилдөө же агротехника боюнча сунуш алуу үчүн) жазып көрсөткүлө.

2-БӨЛҮК. КООМДУК КАТЫШУУ ТАЖРЫЙБАСЫ[5]

Орун алган экологиялык проблемаларды бир эле мамлекеттин күч-аракети менен чечүү мүмкүн эмес, бул үчүн коомдун баардык секторунун күч-аракети талап кылынат. Мына ушундай орчунду маселенин чечилишине жараша учурда тиричилигин жүргүзүп жайкан адам баласынын сыяктуу эле, келечек муундун жашоо шарты да андан көз кранды. Мына ошондуктан, коомчулуктун өкүлдөрү экологиялык маанилүү чечимдердин кабыл алынышына катышууга, өздөрүнүн экологиялык таламдарын коргоого жана көйгөйлүү ушул маселенин чечилиши үчүн өз сунуштарын берүүгө укуктуу. Дал ошондуктан коомдо чечимдерди кабыл алуунун демократиялык эрежелерин сунуштап, аны колдоого алган жарандык коом институттарынын түптөлүшү жана бекемделиши өтө маанилүү. Коомчулуктун катышуусу бир кыйла алгылыктуу чечимдерди кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнө шарт түзүп, ал адам баласы сыяктуу эле, курчап турган чөйрө үчүн ыңгайлуулуктарды түптөйт.

Экологиялык чечимдердин түрлөрү жана коомчулуктун катышуу формалары

Орхусс конвенциясында чечимдердин үч түрү бөлүп көрсөтүлгөн, коомчулуктун катышуу стратегиясы мына ошолорго жараша калыптанат:

1. *Айкын долбоорлорду же иштердин башка түрлөрүн аткарууга байланыштуу* ***иштин айрым түрлөрү боюнча чечимдер*** (мисалы, курулуш иштерине, сыртка чыгуучу заттардын көлөмү боюнча уруксат алуу, тоо шартында аткарылуучу иштерге лицензияларды алуу ж.б.у.с.).
2. ***Стратегиялык чечимдер, аларга:*** белгилүү бир тармак боюнча мыйзамдык жоболорду толуктаган *пландар, программалар жана саясый багыттар* кирет. Мындай документтерди аткаруу органдары иште чыгат (мисалы, шаар куруучулардын планы шаар аймагын өнүктүрүү тартибин

[5] *А.С. Карповдун коомчулуктун курчап турган чөйрөгө тиешелүү маселелери боюнча чечим кабыл алуу процессине катышуусу боюнча, материалдарына ылайык. А.В. Кириленконун, И.А. Домашовдун, В.А. Коротенконун 2011-жыыл Бишкек шаарында жарык көргөн "Коомчулуктун экологиялык маанилүү чечимдерди кабыл алууга катышуусу аталышындагы усулдук колдонмосунун материалдары боюнча иштелип чыккан.*

жана максаттарын аныктайт). Көпчүлүк стратегиялык чечимдер үчүн убакыт чеги каралган (1 жыл, 3 жыл, 5 жыл).

3. ***Мыйзамдык чечимдер***, б.а. стратегиялык чечимдерди кабыл алуу жана аны макулдашууга жетишүү үчүн жалпы кабыл алынган эрежелерди белгилеген мыйзамдар жана ченемдик жоболор кирет.

Коомчулуктун айкын долборлор боюнча чечимдерди кабыл алууга катышуусу

Өнөр жайынын айрым багыттары жана башка ишканалар курчап турган чөйрөгө олуттуу көйгөйлөрдү жаратып келет. Мына ушундай кысымды алда канча жеңилдетүү үчүн экологиянын абалы үчүн жооп берген мамлекеттик органдар курчап турган чөйрөгө кесепеттүү таасир эткен ишкердиктин кайсыл болбосун түрүнө карата колдонулуучу ар кандай стандарттарды, лимиттерди жана шарттарды иштеп чыгышат. Эгерде, тигил же бул ишкердиктин түрү олуттуу таасир эте турган болсо, анын курчап турган чөйрөгө таасир этүүсүнө баа берүүнү жүргүзүү зарыл. Коомдук угуулар жана белгиленип жаткан иш-чөйрөсүнүн социалдык таасир этүүсүнө баа берүү, анын олуттуу бөлүгү болуп саналат.

Коомчулук чечим кабыл алуу процессине качан жана кандай шартта тартылышы мүмкүн?

Орхус конвенциясында бул маселеге кызыкдар болгон коомчулук түптөлгөн жагдайга жараша ачык билдирүү же курчап турган чөйрөгө тиешелүү маселелер боюнча чечимдерди кабыл алуу жол-жобосунун баштапкы этабында жеке өз алдынча маалымдоо аркылуу, тиешелүү маалыматты коомчулукка өз учурунда, шайкеш жана натыйжалуу жеткирүүгө тийиш.

Коомчулуктун катышуу формалары

Коомчулуктун тигил же бул иш-чарага катышуу формаларын жалпылоо үчүн “катышуу тепкичи” концепциясын кароого алуу зарыл.

Жарандык башкаруу **Ыйгарым укуктардын чеге-рилиши** **өнөктөштүк** **Пландаштыруу**	**Айкын ыйгарым укуктар**

Акы төлөп катышуу Консультациялар Ой-пикирди эске алуу Маалымдоо	«үстүртөн» эле катышуу
«Терапия» Манипуляциялоо	Катышпагандык

“Тепкичтер” долбоору (чечим) боюнча коммуникациялардын бардыгы эле толук кандуу катышуу болуп саналбай тургандыгын далилдөөгө өбөлгө түзөт, атап айтканда ***манипуляциялоого баруу менен*** – буйрутмачы же мамлекеттик органдар тарабынан толук эмес, такталбаган маалыматтардын берилиши, жыйын өтүүчү залды долбоордун буйрутмачысы же администрациясы тарабынан акча төлөнгөн атайы топтор же материалдык колдоо аркылуу пикир билдирүү үчүн тартылган жарандар менен толтуруу – бул катышуу болуп саналбайт. Ушундай эле “***терапия***” аркылуу, б.а. расмий адамдардын ар кандай экспертизаларга жана “компетенттүү органдарга” макулдашууларга таянуу менен адамдарды тынчтандыруу маанайында айтылган түшүндүрмөлөрү, долбоордун алгылыктуу жактарын баса белгилөө, экономикалык жана социалдык жактан гүлдөп-өнүгүүгө убада берүү да, катышуу болуп саналбайт.

Катышуунун минималдуу деңгээли – бул, ***толук жана так маалыматтарды жайылтуу***: иштеп чыгуучунун жана коомдун чечим кабыл алуу процесси тууралуу маалымдоону колдоого алуу үчүн эң эле алгылыктуу бир тараптуу байланыштын формасы, бирок коомчулук мында документ боюнча түшүндүрмөлөрдү берип, же башкача негизде катышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болбой калат. Маалымдоо, жалпыга маалымдоо каражаттары, ошондой эле көргөзмөлөрдү, демонстрацияларды өткөрүү жана материалдарды басып чыгаруу аркылуу ишке ашырылышы мүмкүн.

“***Коомдук пикирди эске алуу***” – бул долбоорду иштеп чыгуучу коомчулуктун түптөлгөн жагдайды тереңдеп түшүнүүсү үчүн анын ой-пикирин сурап же пикирин айтууга чакыруу аркылуу, коюлган маселеге баа берүүнү ишке ашырат. Бирок “ой пикирди эске алуу” түздөн-түз катышуу болуп саналбайт, анткени демилгечи суроолордун тизмесин сыяктуу эле, айтылган ой-пикирлерди гана контролдукка ала алат. Коомчулук айтылган ой-пикирлер кандайча чечмеленишине жана алар кандай формада отчетторго киргизилип, орун алган карама-каршылыктарды жөнгө салуучу кандай чечим иштелип чыгышына таасир эте албайт. Жарандардын ой-пикирлерин жана таламдарын

этибарга албай коюу да аларды “эске алуунун” формасы болуп калышы мүмкүн.

Коомчулук, талкуунун күн тартибине таасир эте алуу жана талкуунун жыйынтыгы боюнча кабыл алынган документтерди контролдукка алып, проблемалуу маселелерди аныктоо жана орун алган пикир келишпестиктерди четтетүү үчүн коомчулук менен иштеп чыгуучулар ортосунда расмий диалогду - консультацияларды сунуштоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Адатта алар жолугушуулар, семинарлар, коомдук кабылдаманын ишин уюштуруу түрүндө өткөрүлөт. Буга карабастан, чечимдин өзү талкуулоодон жана контролдуктан четте калат. Ошондуктан, консультацияларды “пикирди эске алуу” сыяктуу эле, “үстүртөн эле катышуу” деп аталат.

Чечим кабыл алуу үчүн ыйгарым укуктуу орган коомчулукка даяр чечимдердин варианттарын тандоого гана эмес, ошол чечимдерди иштеп чыгууга да мүмкүндүк берип, өз ыйгарым укуктарынын бөлүгүн аларга чегерип, ошондой эле проблеманын өзү эмнеде экендигин аныктоого мүмкүндүк берген шартта гана, айкын катышуу башталат.

Биргелешип пландаштыруу айкын катышуунун деңгээлдеринин бири болуп саналат. Биргелешип пландаштыруу консультативдик топтор, жумушчу топтору, сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү форматында ишке ашырылышы мүмкүн. Өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктардын жана жоопкерчиликтердин көлөмү олуттуу айырмаланышы мүмкүн.

Жарандык контроль коомдогу эң эле көйгөйлүү маселелерди чечүү үчүн алардын өз мүчөлөрүнүн жогорку деңгээлде катышуусу жана жергиликтүү референдум мында, эң эле белгилүү формадан болуп саналат.

Экологиялык көйгөйлөрдүн тигил же бул чечимдерине алар аркылуу таасир этүүгө мүмкүн болгон ыкмалардын тизмесин түзүү аркылуу, бул маселенин чечилишине ийкемдүү мамиле жасоону тастыктагыла. Төмөнкү ыкмаларды кароого алгыла:

- компаниялар жана жоопкерчиликтүү мамлекеттик органдар менен сүйлөшүүлөрдү баштагыла
- жалпыга маалымдоо каражаттары менен кампания жүргүзгүлө
- коомчулукка маалымат берүү жана сабаттуулукту жогорулатуу жагында иш-чараларды өткөрүү
- мамлекеттик кызматкерлердин иш-аракеттерине жана чечимдерине таасир эткиле

- курчап турган чөйрөнү коргоо агенттигинин чечим кабыл алуу процессине катышып, сунуштарды демилгелегиле
- соттордун, прокуратуранын, Омбудсмен институтунун кызматтарынан пайдалангыла.

КООМДУК ЭКСПЕРТИЗА

Коомдук экологиялык экспертиза түшүнүгү 80-жылдардын акырында пайда болуп, дароо эле кеңири тараган. Бул терминдин баштапкы чечмелөөсү кыйла кеңири түшүнүктү камтыйт. Бирок, Учурда, коомдук экологиялык экспертиза түшүнүгү мыйзамдарда төмөнкүчө аныкталган.

Коомдук экологиялык экспертиза жарандардын, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте каттоодон өткөн коомдук бирикмелердин демилгеси боюнча уюштурулат жана ишке ашырылат.

Коомдук экологиялык экспертиза мамлекеттик экологиялык экспертизадан көз карандысыз, өз алдынча жүргүзүлүшү мүмкүн.

Коомдук экологиялык экспертизаны жүргүзүүнү демилгелегендер, жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарына коомдук экологиялык экспертизанын өткөрүлүшү тууралуу кат жүзүндө маалымдоого тийиш (Кыргыз Республикасынын “Экологиялык экспертиза жөнүндө” мыйзамынын 14-беренесинин 4-бөлүгү).

Ушул эле мыйзамдын 15-беренесине ылайык, аталган мыйзамда белгиленген тартипте коомдук экологиялык экспертизаны жүргүзүүнү ишке ашырган коомдук бирикмелер жана жарандар төмөнкүлөргө укуктуу:

- долбоорду демилгелеп жаткандардан экспертизага алынуучу документтерди толугу менен алууга;
- мамлекеттик экологиялык экспертиза жүргүзүүгө карата талаптар, белгиленген ченемдик-укуктук документтер менен кылдат таанышып чыгууга;
- коомдук экологиялык экспертизанын жыйынтыгын жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялоого.

Экологиялык экспертизанын максаты – жүзөгө ашыруу белгиленип жаткан иш-аракеттердин курчап турган чөйрөгө мүмкүн болгон алгылыксыз таасирин жана ага байланыштуу социалдык-экономикалык ж.б. кесепеттерди алдын алуу. Бул максатка, долбоордук документтерди иштеп чыгуу тартибине карата коюлган талаптардын сакталышына жана анын курчап турган чөйрөгө таасир этүүсүн болжолдоолордун сапатына баа берүү аркылуу жетишүүгө болот. Бул жерде ошондой эле, Кыргызстанда курчап турган чөйрөгө таасир этүүгө баа берүү долбоордук документтерге буйрутма бергендердин каражаттарынын эсебинен аткарыла тургандыгын,

демек тиешелүү документти көз карандысыз текшерүүдөн өткөрүү өтө зарыл экендигин баса белгилеп кетүү зарыл.

Коомдук экологиялык экспертизанын корутундусу мындай экспертизаны мамлекеттик деңгээлде жүзөгө ашырган органга, ошондой эле экспертиза объекттерин ишке ашыруу чечимин кабыл алган органга жөнөтүлөт.

Эгерде коомдук экологиялык экспертиза “Мамлекеттик сыр” жөнүндө мыйзамдарда белгиленген маалыматтар тизмегине ылайык, алар тууралуу маалыматтар мамлекеттик купуялуулукту түзгөн объектке карата (мисалы, аскердик объекттер ж.б. толук тизме менен “Мамлекеттик сыр жөнүндө” мыйзамдан тактап алууга болот) демилгеленген болсо, жогоруда белгиленген мыйзамдын 16-беренесине ылайык, коомдук экологиялык экспертизаны жүргүзүүгө өтүнүчтөрдү каттоодон баш тартылышы мүмкүн.

Коомдук экологиялык экспертизанын корутундусу сунуш-көрсөтмө мүнөзүнө ээ. Ал жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяланып, жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарына, долборду демилгелөөчүлөргө, аны иштеп чыгуучуларга ж.б. кызыкдар жактарга берилиши мүмкүн.

КООМДУК УГУУЛАР

Коомдук угуулар – бул жаратылышты пайдалануу маселесин чечүүгө коомдун катышуусу формасынын бири болуп саналат. Угууларды өткөрүү процессинде чарбалык иштин демилгечилери ниеттенип жаткан иш-чөйрөсү боюнча түшүндүрмө берип, болжолдонуп жаткан долбоорду негиздөө менен кызыкдар тараптарга долбоор боюнча өз ой-пикирлерин айтып, сунуштарга мүмкүнчүлүк берет. Коомдун таламдарына тиешелүү кандай болбосун долборлор боюнча коомдук угууларды уюштурууга болот. Айрыкча, болжолдонуп жаткан чарбалык ишке тиешелүү долбоорду мамлекеттик экологиялык экспертизадан өткөрүү талап кылынган учурда, коомдук угуулар милдеттүү түрдө өткөрүлүүгө тийиш. Коомдук угуулар алда канча натыйжалуу болуп саналат. Анткени ага катышкан бардык кызыкдар топтор өз көз карашын айтып, талкуулар өз ара ишенимдүү маанайда жүрөт.

Таламдары тике же кыйыр түрдө жүзөгө ашыруу пландаштырылып жаткан иш-чөйрөсүнө таасир этиши мүмкүн болгон чарбалык ишти демилгелөөчүлөр, (буйрутмачылар) аткаруу бийлик органдары жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары, кызыкдар болгон тараптар коомдук угуулардын катышуучуларынан болуп саналышат.

КООМДУК УГУУГА КАТЫШУУЧУЛАРДЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛЛДЕТТЕРИ (алдыда күтүлүп жаткан чарбалык иштин демилгечиси):

- бүтүндөй долбоордун өздөштүрүлүшү жана аны даярдоо баскычтары үчүн жооп берет;
- кызыкдар тараптарга зарыл маалыматтары берет;
- алардын суроолоруна жооп берет (колдонулуп жаткан ченемдик базада белгиленген тартипте);
- коомдук угууларды уюштурууга жана өткөрүүгө байланыштуу чыгымдарды төлөйт;
- белгиленген чарбалык ишти жүзөгө ашыруу боюнча чечимдин кабыл алынышына байланыштуу жарандардын укуктарын ишке ашырууга жана алардын мыйзамдуу таламдарын эске алуу милдеттүү.

Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары:

- коомдук угууларды уюштурат;
- угуулардын өткөрүлүшүн координациялайт;
- белгиленген чарбалык ишти жүзөгө ашыруу боюнча чечимдерди кабыл алат (өз компетенцияларынын чегинде).

Аткаруу бийлик органдары:

- кызыкдар тараптардын суроо-талабы боюнча курчап турган чөйрөнүн абалына тиешелүү маалыматтарды аларга берет.

Коомчулук төмөнкүлөргө укуктуу:

- ишке ашыруу болжолдонуп жаткан ишкердиктин экологиялык жана социалдык аспектилери жөнүндө так маалыматтарды алуу;
- ишке ашыруу болжолдонуп жаткан ишкердиктин долбоорун талкуулоого катышуу;
- ишке ашыруу болжолдонуп жаткан ишкердик, анын ичинде аларды альтернативалык вариант боюнча жүзөгө ашырууга тиешелүү далилдүү сунуштарды берүү.

КООМДУК УГУУЛАРДЫН БАРДЫК КАТЫШУУЧУЛАРЫ КОЛДОНУУДАГЫ МЫЙЗАМДАРГА ЫЛАЙЫК УКУКТУК ЖООПКЕРЧИЛИК ТАРТЫШАТ.

ЭКОЛОГИЯЛЫК АКЦИЯЛАР[6]

Экологиялык акциялар – бул эң оболу, айкын экологиялык проблемаларды чечүү каражаты. Бүгүнкү күндө экологиялык көйгөйлөр бир нече түзүүчүлөрдөн тураары ачык-айкын көрүнүүдө. Бир жагынан алып караганда, бул жаратылышта күн кечирип келген жан-жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүнө түздөн-түз тиешелүү болгон кооптуу жагдайлар. Экинчи жагынан алып караганда, бул коомдо орун алып жаткан жагдайларга байланыштуу болгон жана экологиялык тең салмактуулуктун бузулушу экономикалык, саясый жана социалдык кесепеттерге алып келишин шарттаган жагдайлар. Адам баласы табиятынан экологиялык проблемалардын ар кандай кесепеттерине алда канча сезгич келет. Мына ошондуктан, экологиялык проблемалардын кесепеттерине бөгөт коюу, аларды четтетүү же социалдык кесепеттердин өзгөртүү максатын көздөгөн акциялар, эң эле кеңири тараган иш-чаралардан болуп калууда. Мында, табигый чөйрөдө алгылыктуу өзгөрүүлөр боюнча акцияларда ошондой эле олуттуу маниге ээ. Иш жүзүндө жүргүзүлүп жаткан акциялар жогоруда белгиленгендерди өзүнө камтып, бирок артыкчылыктуу багыттар ар башкача бөлүп көрсөтүлүүдө.

Экологиялык акцияларды иш-аракеттер акциясына жана таасир этүү акцияларына бөлүүгө болот. Иш-аракеттер акциясы курчап турган чөйрөдө жүргөн өзгөрүүлөргө, мисалы бак-дарактарды тигүү, аймактарды тазалоо, сейрек кездешүүчү өсүмдүк түрлөрүн калыбына келтирүү ж.б. сыяктуу өзгөрүүлөргө түздөн-түз багытталган. Ал эми таасир этүү акциялары коомдогу мамилелердин, адам баласынын жүрүм-турумунун өзгөрүүсүнө, маанилүү чечимдерди кабыл алууга таасир этүүгө багытталган. Таасир этүү акцияларынын чөйрөсү өтө кеңири: мыйзамдарга таянуу, каршылык митингдери, соттук териштирүүлөр, петициялар, саботаж, курчоого алуулар, маалыматтык кампаниялар ж.б. Таасир этүү акциялары эрежедегидей эле, кайталангыс мүнөзгө ээ. Алардын айкын максаттары жана объекттери өткөн окуя түрүндө ишке ашырылып, белгилүү бир учурда актуалдуулукка ээ болот. Экологиялык билим берүүдөгү акциялар мүнөздүү өзгөчөлүккө ээ. Алар ошондой эле, адам баласынын жүрүм-турумун өзгөртүүгө да багытталган. Эрежедегидей эле, экологиялык билим берүү акциялары ар кандай топтор менен кайрадан ишке ашырылып турууга тийиш.

Кыргызстанда өткөрүлүп жаткан экологиялык акциялар өзгөчө мүнөзгө ээ, бул белгилүү бир факторлор менен шартталган. Кыргызстан өткөн мезгилдерде экологиялык өнүгүү жагында өксүктөр орун алып келгендигине карабастан, учурда табигый уникалдуу экосистемага жана өсүмдүктөрдүн ар кандай түрлөрүнө бай келген өлкө болуп саналат. Айрыкча тоо кендерин казып алуу өндүрүшүнүн ишине байланыштуу ири шаарларда экологиялык проблемалар айкын эле орун алып жатат. Ошону менен катар эле, Советтер союзунун

---

[6] *В.А. Коротенконун Экологиялык акциялар: Өкмөттүк эмес экологиялык уюмдар үчүн "Кыргызстандын экологиялык уюмдарынын акциялары" аталышында 1999-жылы Бишкек шарында жарык көргөн колдонмо боюнча макаласынын негизинде даярдалган.*

ыдырашына байланыштуу көпчүлүк ишканалар иштебей калган, демек өнөр жайынан улам булгануу деңгээли төмөндөгөн. Таасирдүү өкмөттүк эмес экологиялык уюмдардын пайда болушу да ушул мезгилге туура келүүдө. Ошентип, ири масштабдуу каршылык акцияларын өткөрүү тажрыйбасы да бизге мүнөздүү болбогон көрүнүш. Чынында эле, эмнеге каршы чыгабыз? Жок нерсеге каршы чыгабызбы? Ошондуктан, республикада өткөрүлүп жаткан экологиялык акциялар колдо болгон жаратылыш байлыктары сактап калуу жана аларга аяр мамиле жасап, чөйрөсүн кеңейтүү маселесине гана топтоштурулган.

Кыргызстанда өткөрүлүп жаткан экологиялык акциялардын ичинен төмөнкүдөй бир нече багытты бөлүп көрсөтүүгө болот:

- Маанилүү аймактарды көрктөндүрүү жана бак өсүмдүктөрүн кыйып, жок кылууга тыюу салуу жагындагы аракеттер;
- Кызыл китепте катталган өсүмдүктөр түрлөрүн коргоо боюнча иш-чаралар;
- Селдин жүрүшү, жер көчкү, өртүн чыгышы сыяктуу бөөдө кырсыктардын кесепеттерине каршы күрөшүү жана аларды алдын алуу боюнча акциялар;
- Радиациялык коркунучтан улам келип чыгуучу көйгөйлөргө байланыштуу акциялар;
- Шаарларда таштандылар жана калдыктарга карыш күрөшүү;
- Корукка алынган аймактарды, мөңгүлөрдү, дарыяларды жана суу башаттарын тазалоо;
- Мыйзамдарды коомдук экспертизадан өткөрүү;
- Экологиялык билим берүү жагындагы башка акциялар.

Экологиялык акцияларды уюштуруу алгоритми

Орун алган проблемалардын чечилишине жана анын масштабына көз карандысыз кандай болбосун акцияларды пландаштыруу, төмөнкүдөй бир нече негизги баскычтардан турат.



Биринчи баскыч - өзүн-өзү аныктоо баскычы, эң эле татаал болгондуктан, ал акцияларды баштоо үчүн маанилүү кадам болуп саналат. Экологиялык акциялар талаптагыдай өткөрүлүшү үчүн кимдир-бирөө - бир адам, адамдардын тобу, уюм же кыймыл аны ишке ашырууга чындап ниеттенүүгө тийиш. Башкача айтканда, иштин бул баскычында орун алып турган иш жагдайын өзгөртүүгө ниеттенген адамдарды табуу зарыл. Көпчүлүк учурда, өзүн-өзү аныктоо кандайдыр бир экологиялык мыйзам бузуулар же кооптуулук орун алып жаткандыгы фактысы маалым болгондон тартып башталат. Акцияга түрткү берген шарттар, ар кандай болушу мүмкүн. Ал башка арга жоктон башталып, экологияны коргоо уюмунун аброюн колдоого алуу менен жыйынтыкталышы ыктымал. Кандай болбосун шартта акцияны же компанияны өткөрүп жаткандар бул эмнеге алып келээрин так айкындап алууга тийиш. Акцияны өткөрүүгө түрткү берген себептен болуп, мисалы, бак-дарактарды отургузуу, б.а. жакшы ниет, тилек менен айлана-чөйрөнү көрктөндүрүү да акцияны шартташы мүмкүн. Бул контекстте экологияны коргоо тобуна кандайдыр бир негизде маалым болгон айкын проблеманы чечүү үчүн өткөрүлгөн акцияларга көңүл топтоо талап кылынат.

Демек, экологияны коргоо тобу орун алган проблеманы ийгиликтүү чечүүгө бекем бел байлады дедик. Ушундан улам гана, орун алган проблема боюнча алынган маалыматтарды текшерүү жана топтоо – б.а. жагдайды сүрөттөө баскычы келип чыгат. Алынган маалыматтар көпчүлүк учурда, кылдат талдап-иликтөөнү талап кылган карама-каршылыктуу мүнөзгө ээ болот. Ошондон улам, проблеманы шарттаган себептерди кылдат иликтеп, аныктоо менен негизги өзөгүн таап, таасир этүү мүмкүнчүлүгүн аныктоо зарыл.

Кандай болбосун акциялар пландаштыруу деп аталган, кыйла узак убакытты талап кылган баскычты шарттайт. Көпчүлүк учурда, экологияны коргоо топтору ага анчалык көңүл бурушпай келет. Ал эми дал ошол кылдат пландаштыруунун өзү келечектеги ийгиликтин же утулуп калуу жагдайынын пайдубалын түптөйт. Пландаштыруу зарыл жана колдо болгон ресурстардын эсебинин жүргүзүлүшүн, акцияларды өткөрүү максатына жетишүүнүн эң эле оптималдуу ыкмасын издеп табууну – экологиялык проблеманы чечүүнү – жасалуучу кадамдардын, иш-аракеттердин, запастык варианттардын айкын ырааттуулугун аныктоону талап кылат.

<u>Пландаштыруу төмөнкүдөй кадамдарды ишке ашырууну талап кылат:</u>

Максат коюу

Максат – бул, акцияларды өткөрүүнүн натыйжасында, сиз жетүүгө аракеттенген натыйжа. Өткөрүлгөн акциялардан бир нече жыйынтыкка жетишүүгө болот. Иш оңунан чыккан учурда, сиз катышкан топ негизги максатка, б.а. түпкү натыйжага ээ болууга – айкын проблеманын чечилишине жетишүүгө тийиш. Мындан тышкары, ошол топ келечекте бир кыйла күч-аракетти же олуттуу ресурстарды талап кылган проблемаларды чечүүгө шарт түзгөн кошумча же аралык натыйжаларды да алышы мүмкүн.

Мисалы, ядердик сыноолорго каршы акциялар түпкү максаты, сыноолорду токтотууну көздөгөн түпкүлүктүү максат болуп саналат. Пландаштыруу учурундагы жагдайларга талдап-иликтөөлөр согуш аракеттерине жана белгилүү бир эл аралык жагдайларга акчалай салымдар жумшалган шартта, чектеш мамлекеттеги ядердик сыноолор каршылык митингдерин, пикетке чыгууларды өткөргөндөн кийин деле токтотулбайт. Демек, пландаштырылган акциялардан баш тартуу керекпи? Балким жакшы ойлонуштурулуп, пландаштырылган акцияларды өткөрүү коомдук резонансты жаратып, калайык-калктын, саясатчылардын, жаңы мүчөлөрдүн көңүлүн өзүнө буруп, команданын кесипкөйлүк деңгээлин жогорулатуу аркылуу уюмдун аброюн бекемдеп, анын пикирин эске алууга башкаларды мажбурлашы ыктымал. Татыктуу абройго жетишүү оңой-олтоң иш эмес. Анткени, ошол аркылуу гана олуттуу чечимдерди кабыл алууга таасир этүүнүн айкын мүмкүнчүлүгү түптөлгөн социалдык жана саясый мамилелердин деңгээлине чыгууга мүмкүн. Мисалы, куралсыздандыруу боюнча эл аралык келишимдерге кол коюуга өкмөттүк эмес уюмдардан делегациянын же байкоочулардын катышуучусунан болуу ж.б. Айкын көрүнүп тургандай эле, бул максаттар өлкөдө орун алып келген ар кандай митингдерге эч кандай тиешеси жок. Ошондуктан, мындай учурларда акциялардын максаттарын узак мөөнөткө каралган (мисалы, ядердик сыноолорго тыюу салуу максатын көздөгөн) жана кыска мөөнөттүү (өзүнө көңүл бурдуруу, жаңы байланыштарга ээ болуу ж.б.) катары бөлүштүрүп алуу эң эле ыңгайлуу.

Ресурстарга баа берүү

Акцияларды ийгиликтүү өткөрүү үчүн эмнелер талап кылынаарын аныктап алуу зарыл. Акцияларды өткөрүү үчүн ар кандай ресурстар: материалдык, техникалык, финансылык, адам ресурсу, уюштуруучулук жөндөмдүүлүктөр талап кылынышы мүмкүн. Айрыкча, маалыматтык жана убакыт аралыгы ресурстары да олуттуу мааниге ээ. Иш баштоо өңүтүн аныктап алуу үчүн сиз катышкан топ бүгүнкү күндө эмнелерге ээ экендигин, топтун катышуучулары өз алдынча эмнени ишке ашыра алаарын, жетпеген материалдарды жана жабдууларды кайдан табууга боло тургандыгын, акырында келип, уюштуруу ишине кимдер өз убактысын бөлүп, жардам берээрин аныктап алуу зарыл. Учурда, ресурстарды тартуу жагында “фандрайзинг” аталышына ээ атайы багытта топтолгон эл аралык тажрыйба колдонулуп келинет. Бул тажрыйба менен сунушталган адабияттар аркылуу, ошондой эле ушул тема боюнча республикада бир катар эл аралык жана жергиликтүү агенттиктер өткөрүп жаткан курстардан жана тренингдерден таанышууга болот.

Милдеттерди аныктоо

Милдеттер – бул максатка жетишүү баскычтары. Милдеттер айкын, так белгиленип, убакыт аралыгы боюнча так өлчөнүүгө тийиш. Колдо болгон ресурстарга инвентаризация жүргүзүүдөн кийин гана милдеттерди

пландаштырууга болот. Алгач, жетпеген ресурстарды тартуу боюнча милдетти чечип алуу талап кылынат.

Келип чыккан натыйжаларга баа берүү

Биздин бардык иш-аракетибиз көптөгөн субъекттер иш алып барган социалдык чөйрөдө жүрөт. “Башка бирөөнүн укугу келип чыккан жерде менин укугум бүтөт” – жалпы адам баласынын эриш-аркак жашоо-шартынын негизги эрежесинде мына ушинтип айтылган эмеспи... Ошондуктан өз иш-аракетибиз менен кимдир-бирөөнүн укугуна доо келтирбейбизби - мына ушуну чечмелеп алуу маанилүү. Айрыкча, рынок экономикасы шартында бул проблема курч сезилүүдө. жаратылышты коргоо жагындагы иш-аракеттерибиз башка бирөөгө зыян келтирүү аркылуу, бир түзүмгө жана адамдар тобуна пайда алып келет. Саясат мына ушул жерден башталат. Анткени, экологияны коргоону көздөгөн ак ниеттен жасаган аракетибиз аркылуу биз рынок коньюнктурасын, белгилүү бир продукциялардын айланышын, саясый багыттарды өзгөртүшүбүз мүмкүн. Ошондон улам, адам баласынын табыйгат таасир этүүсүнөн улам келип чыккан кесепеттерди гана эмес, коомдо ишке ашырылган акциялардын натыйжаларын да алдын ала болжолдоого үйрөнүшүбүз абзел.

Сценарий иштеп чыгуу

Сценарийлерди иштеп чыгуу акцияларды өткөрүүнүн эң эле ыңгайлуу убактысын жана ордун тандоону болжолдойт. Мисалы, коомго зыян келтирген өндүрүшкө каршы акцияларды тиешелүү фирма - өндүрүүчү менен контракттка кол койгонго чейин өткөрүү максатка ылайыктуу. Анткени, кабыл алынып калган чечимди жокко чыгаруу бир топ кыйынчылыкты жаратат. Мындан тышкары, акция катышуучуларынын жүрүм-туруму да олуттуу маниге ээ. Россиянын көрүнүктүү мамлекеттик ишмери Ирина Хакамаданын Россиянын телеберүүлөрүнүн биринде айтканына караганда, өзүн алып жүрүү – бул башкаларга таңуулабастан өз интеллектин баса белгилей билүү. Өзүн алып жүрүүнүн мына ушундай чечмеленген түшүнүгүн биз акциялардын сценарийин иштеп чыгууда пайдалануу тийишпиз. Катышуучулардын бирдей иш алып баруусуна, иш-аракеттер багытталгандар тарабынан бизге болгон зарыл мамилеге жетишүү мүмкүнчүлүгү. Жалпы жамааттын аң-сезиминде зарыл образды калыптандыруу – бул чоң искусство. Акцияга катышуу менен биз, максатсыз баш аламан топтолгон адамдарды эмес, бирдиктүү, таасирдүү күчтү түшүндүрө алсак жакшы. Ошондуктан, аракет жасоону алдында макулдашып, негизги ролдорду бөлүштүрүп алуу максатка ылайыктуу (чакырыктарды, ураандарды ким көтөрөт, жалпыга маалымдоо каражаттары менен ким ишти алып барып, сүйлөшүүлөрдү кимдер жүргүзөөрүн ж.б.). Акцияга катышуучулар бирдей кийим менен катышуусу да алгылыктуу роль ойнойт. Каражат буга мүмкүндүк берсе, бирдей көйнөктөрдү кийип алуу же болбосо бир түстөгү кийим да кыйла эсте калаарлык, маанилүү белгиден. Ар кандай төш белгилер, өзгөчө белгилери менен чолок жең көйнөктөр да айырмалоочу белгиден болот. Чакырыктардын, ураандардын бирдей элестүү, көркөмдүү жазылышы да

даярдыктын жогорку деңгээлде экендигин көрсөтөт. Анткени булар, акцияга катышуучулардын чечкиндүүлүгүн, кесипкөйлүгүн, жагдайды жакшы түшүнө билээрин жана түпкүлүгүндө келип, проблеманы чечүү алардан көз каранды болгон адамдардын/уюмдардын акцияга катышуучуларга эпке көнүүгө баруусуна мажбурлоосуна олуттуу таасир этиши мүмкүн.

Акциялардын сценарийлерин иштеп чыгууда эпке көнүүгө барууга даяр болуу же акырына чейин баруу позицияларын жана шарттарын аныктоо да кирет. Иштеп чыккан сценарийлер жарандардын варианттары менен акцияга катышуучулардын бардыгы таанышып чыгып, ага макул болушу да өтө маанилүү.

Экологиялык акцияларды уюштуруунун төртүнчү баскычы – бул ишке ашыруу баскычы болуп саналат. Акция өткөрүү учурунда ага катышуучулар ар кандай кооптуу жагдайдын келип чыгышына, б.а. тобокелдиктерге даяр болууга тийиш. Ошондо гана команданын шайма-шай даярдыгына, алардын сценарийдин өзгөрүп кетишин болжолдоолоруна, бирок көздөгөн түпкү максатка бекем туруудан көп нерсе көз каранды. Акциянын катышуучулары ортосунда милдеттер канчалык деңгээлде шайкеш бөлүштүрүлүшү да олуттуу мааниге ээ. Топ, иш-чаранын жүрүшүндө координациялоо схемасы жана чечим кабыл алууга ыйгарым укуктуу адамдарга маанилүү маалыматтарды берүү ыкмалары тууралуу алдын ала макулдашып алууга тийиш.

Жалпыга маалымдоо каражаттары менен план ченемдүү, ар тараптуу жана натыйжалуу иш алып баруу акциялардын же кампаниялардын ийгилигин кепилдеген маанилүү шарттардын бири, анткени көтөрүлүп жаткан олуттуу маселе боюнча коомдук пикирди калыптандыруунун өзү, таасир этүү акциясынын ийгилигин шарттайт.

Бешинчи баскыч бул **жыйынтык чыгаруу -** б.а. акциялардын бардык иш-чаралары бүткөндөн кийинки корутунду. Иштин ушул баскычында өткөрүлгөн акцияларга талдап-иликтөөлөр жүргүзүлөт. Акциянын жүрүшүндө топтолгон тажрыйбага баа берүү, ийгиликтүү учурларды аныктоо, кетирилген каталарды жана калпыстыктарды аныктоо, кийинки жолу кайталабоо үчүн аларды талкуулоо мына ушундай талдап-иликтөөнүн түпкү маңызы, жетишилген натыйжаларга карабастан акцияны өткөрүүгө убактысын жана күч-аракетин жумшагандардын бардыгына ыраазычылык билдирип, жалпы ишке кошкон алардын салымын баса белгилеп, ошол аркылуу кийинки иш-чараларды уюштуруунун пайдубалын түптөө өтө маанилүү. Анткени, акциялар күткөн натыйжага алып келгенден кийин деле, адам баласынын турмушунда орун алышы мүмкүн болгон көйгөйлөрдүн катары чексиз... Талап кылынган чечимге жетүү менен анын аткарылышын контролдукка алып, ишке ашыруу үчүн кыйла күч-аракет жумшоо талап кылынат.

МЕКТЕПТЕ ТРЕНИНГДИ КАНДАЙЧА ӨТКӨРҮҮ ЗАРЫЛ

Экология маселелер боюнча ар кандай иш-чаралардын негизги максатынан болуп, жарандарда экологиялык маданиятты калыптандыруу, ал эми экология маселелери боюнча талаптагыдай билим деңгээли, иш билгилик жөндөмдүүлүктөр системасы экологиялык маданияттын базасынан болуп саналат. Экология маселелери боюнча алган билим, экология боюнча аң-сезим калыптанган учурда гана ишке ашат, өз иш-аракетине жоопкерчиликтүүлүк менен мамиле жасоо гана, анын натыйжасынан болуп саналат.

Жоопкерчиликтүү мамиле – бул татаал, өз ара чиеленишкен түшүнүк. Жоопкерчиликтүү мамиленин калыптанышына жана өнүгүшүнө билим деңгээли жана адам баласынын жан-дүйнө, туюму да кандайдыр бир деңгээлде катышат. Күндөлүк турмуштун жана жүрүм-турумдун өзөгүн түзүшү үчүн билим деңгээлин жакшылап чечмелеп, түшүнүп алуу талап кылынат. Түшүнүү - туюм жана сезүү аркылуу гана ишке ашат. Айыл жеринде төрөлүп, ошол жерде өскөн өспүрүмдөр үчүн курчап турган чөйрөгө болгон мамиле, алар тууралуу түшүнүк күндөлүк турмушуна айланган. Ал эми мындай түшүнүктөр алар үчүн өтө зарыл. Анткени, табият менен өз ара байланышта жашоо ар бир адамдын жашоо-турмушунун маанилүү аспектиси. Айылдык өспүрүмдөр үчүн сабактарды, экскурсия жана ар кандай жүрүштөрдө алынган билим деңгээли атайы иштелип чыккан көнүгүүлөрдү жана тажрыйбалык сабактарды өткөрүү аркылуу бекемделиши зарыл. Ушунун өзү адам баласынын дүйнө таанымына анын баалулуктарына болгон табитин, мамилесин, сезимин калыптандырат. Учурда, бул багытта билим берүү өтө маанилүү. Эгерде биз окуучуларга баалуулуктар жөнүндө түшүнүк берип, билим деңгээлин жана иш билгилик жөндөмдүүлүктөрүн өркүндөтө алсак, алар келечек, жакшы жашоо үчүн өз салымын кошо алган инсан катары калыптанып, иш жүзүндө ошол сапаттарын ишке ашырып, коомдун өнүгүшүнө татыктуу салым кошо алат.

Бул төмөнкүдөй мүмкүнчүлүктөргө ээ боло алган билим берүү чөйрөсүн калыптандыруу дегенди түшүндүрөт:

- топтолгон маалыматтарга таянуу, аларга сын көз менен карап, чечмелөөгө аракеттенүү;
- өз карашыңарды билдирип, анын эске алынышын талап кылуу;
- салмактап көрүү менен негиздүү тандоого жетишүү;
- биргелешип иштөө, биргелешип аракеттенүүгө үйрөнүү, макулдаша билүү,
- демократиялык чечимдерди сыйлоо, башка бирөөлөрдү уга билүү;
- өз иш-аракеттериңердин натыйжаларын болжолдой билүү;
- коом турмушуна жоопкерчиликтүүлүк менен катышуу.

Учурда мектептерде билим берүү системасы түп-тамырынан бери өзгөртүлүүдө. Интерактивдик технологиялар деп аталган түшүнүктөр улам барган сайын көбүрөөк колдонулууда. Интерактивдик технология дегенден

улам эмнени түшүнүүгө болот? Интерактивдик деген чет элдин сөзү бардык окуучуларды окутуу процессине жигердүү тартууну түшүндүрөт, ал эми окуу процессинде мугалим менен окутуу процессине тартылгандардын ортосунда баарлашуу ишке ашырылат.

Маалыматтарды өздөштүрүп, сиңирип алуу механизмин түшүнүү үчүн эстеп алуу механизмин чагылдырган Глассердин Пирамидасын кароого алабыз.



Интерактивдик ыкмалар окуучуларга төмөнкүлөрдү сунуштайт:

- сабактарда өтүлгөн бардык материалдарды талкуулоого активдүү катышууга;
- сабакта түшүнгөнүңөрдү башкалар менен бөлүшүү;
- башкалардын ачылышын гана билбестен, өзүңөр үчүн да жаңылыктарды ачкыла;
- топ үчүн жана өзүңөр үчүн сабактардын натыйжаларын аныктап билүү.

Мында мугалим–уюштуруучу жана консультант, ал эми процесстин башкы катышуучулары – окуучулардын өзү.

Окутуу процессинде интерактивдик ыкмаларды колдонуу кандай натыйжа берет:

Окутуучулар үчүн – бул**,** билим берүүдө активдүү түшүнүү жана окуучулардын өз жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүп, өркүндөтүүсү үчүн олуттуу жигердүүлүктү камтыган тажрыйбалык ишке тартылышы үчүн шарттарды түзүүгө өтүү.

Окуучулар үчүн – бул, маалыматты көңүл көш кабыл алуудан активдүү изденүүгө, олуттуу ой жүгүртүүгө өтүп, алган билимди тажрыйбада, ошондой

эле биргелешкен иште колдоно билүүгө өтүү. Билим берүү процессинде интерактивдик ыкмалар баланын керектөөлөрүнө жооп берип, мезгил шарданы менен катар кадам шилтөөгө ал үчүн мүмкүнчүлүк ачат.

КЕҢИРИ ЖАЙЫЛТЫЛГАН АЙРЫМ БИР ИНТЕРАКТИВДИК ЫКМАЛАР

Мээ чабуулу

Топ менен ой жүгүртүүгө түрткү берип, орун алган проблеманы чечүүгө карата мүмкүн болгон бардык ыкмаларды аныктоо аркылуу, аны натыйжалуу чечүүгө багытталган стратегия.

Мына ушул окутуу стратегиясынын негизги милдети - чектелген убакыт ичинде көп сандаган идеяларды чогултуу. Алардын бардыгын актай кагазга же такта бетине эч кандай чечмелөөсүз жазуу талап кылынат. Ушуну өзү жаңы тема, көйгөйлүү маселе боюнча иштөөнүн жакшы башталышы.

Төмөнкүлөр ушул стратегиянын өзгөчөлүгү болуп саналат:

- топтордун чектелүүлүгү (10 адамга чейин) жана ар түрдүүлүгү;
- катышуучулардын коюлган тапшырманы бирдей түшүнүүсү;
- уга билүү жана бири-биринин идеясын колдоп, өнүктүрүүгө жетишүү;
- алгылыксыз ой-пикирлерди жана тамаша сөздөрдү уга билүү;
- сын-пикирге жана баа берүүгө жол бербөө;
- убакыт аралыгы боюнча чектелүүлүк.

Ролдук оюндар

Оюн башталаар алдында катышуучуларга белгилүү бир ролдор сунушталат. Адетте бул ролдор айкын турмуштан алынган жеке персоналдар. Ролдук оюндун максаты орун алган жагдайга ар кандай көз караштан мамилени аныктоо болуп саналат. Ушуну өзү түптөлгөн жагдайды аныктап, аны түшүнүп, топтолгон тажрыйбасы жана туюму аркылуу иш алып барууга үйрөнүп, айкын жөндөмдүүлүктөргө ээ болууга түрткү берет. Оюнга катышуу менен тренингдин катышуучулары айкын милдеттерди гана чечпестен, ар кандай жагдайларда иш алып баруу тажрыйбасына да ээ болот. Ар бир ролдук оюн көп функционалдуу. Анын ийгилиги алдыга койгон максаттан, оюндун маңызынан, катышуучуларды тандоодон, ролдорду бөлүштүрүүдөн жана эң башкысы, катышуучулар ошол оюнга канчалык тез аралашып кетүүсүнө жараша болот.

Мисалдардын негизинде окутуу

Бул процесс, ар бир катышуучунун көнүгүүгө активдүү катышуусун болжолдойт. Мындай көнүгүүнү аткаруу үчүн турмуштан айкын мисал алынып, ал сүрөттөлүп жазылып, катышуучуларга таркатылып берилет. Катышуучулардын милдети – айкын учурда сунушталган жагдайды кандайча натыйжалуу чечүүгө боло тургандыгы аныктоо, сунушталган көйгөйдү чечүүнүн мүмкүн болгон ыкмаларын тактоо жана кандай ыкма эң эле

алгылыктуу экендигин аныктоо. Угуучулар ошол мисалды талкуулап, теориялык билимди тажрыйбага байланыштыруу менен орун алган проблеманы чечүүгө көнүгүшөт.

Айкын жагдайды сүрөттөп берүү

Тренингдерде билим деңгээлин пайдалануу менен проблемаларды талкуулоонун жүрүшүндө айкын жагдайлар кароого алынат. Адетте бул көнүгүү оюн түрүндө өткөрүлөт.

Иштин ушул формасынын таасирдүү жактары:

- бардык катышуучулардын жогорку деңгээлде катышуусу, кайтарым байланышты түптөө;
- алган билимди тажрыйбада колдонуу жана дароо текшерүүгө алуу;
- ишке багыттуулук;
- жагдайга жараша катышуучулардын иш билгилик жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү.

"Ой чабыты"

Көнүгүүнүн темасы сунушталат. Алгач ар бир катышуучу ошол тема боюнча өз алдынча ойлонуп, ой-пикирин кагаз бетине жазат. Андан соң катышуучулар 2 адамдан топтошуп, өз ой-пикирлерин кагазда чагылдырышат. Кайталанган ой-пикирлер бир гана жолу жазылат. Ошентип, экиден топтолгондор 4 адамдан биригишет. Андан ары ушул ыкмада оюн улантылып, топтор кеминде 8 адамдан топтошот. Топторго биригүү ар кандайча жүрүшү мүмкүн. 8 адамдан турган топко киргендердин ар бири өз ой-пикирлерин, идеяларын өзүнчө кагазга жазып, аларды ири кагаз бетине же тактага илишип, презентациялашат.

Карта чийүү

Бул ыкма сүрөт тартууга шыктуу көпчүлүк наристелер, айрыкча кичине кезинен бери кызыккандардан маалымат алуу мүмкүнчүлүгүн түзөт. Топторду чакан топторго бөлүп, карта тартуу тапшырмасы берилет. Картада белгилүү бир аймак жана ал жерге мүнөздүү проблемалар тууралуу маалыматтар (мисалы, ар кандай азык-түлүк сатып алган дүкөндөр же балдар ойноочу антча тууралуу) чагылдырылууга тийиш.

Карточкалар

Бул көнүгүүнүн технологиясы төмөнкүчө:

- Карточкаларды тараткыла (кадимки эле актай барактарды);
- Белгилүү бир тема боюнча суроо берилет;
- Ар бир катышуучу өз алдынча жооп берет (карточкага жазып);
- топтор 2-3 адамдан топторго бөлүшөт;

- жалпы карточка толтурулуп, аларда топтун жалпыланган пикири чагылдырылат;
- бир топко биригишет, ошентип процесс кайталанып олтурат.

Натыйжада алардын бардыгы чечимдин бир (же жалпы чечимге келүүгө дегеле мүмкүн болбогон бир нече) жалпы вариантын түзүшөт.

ЖАШООЧУЛАР МЕНЕН КАНТИП ЖЫЙЫН (КУРУЛТАЙ) ӨТКӨРҮҮГӨ БОЛОТ

Бул усулдук сунуш-көрсөтмөлөр айыл жашоочуларына жалпы жыйындарга даярдануунга жана эч кандай тоскоолдуксуз өткөрүүгө жардам берүү максатында иштелип чыккан. Бул сунуш-көрсөтмөлөр айыл жашоочуларына, айрым компаниялардын жана айыл өкмөттөрдүн өкүлдөрүнүн катышуусунда айкын бир маселелер боюнча жыйын өткөрүүдө колдонулушу мүмкүн.

Айыл жашоочуларынын жыйыны талаш туудурган бир катар маселелерди ачык талкуулап, чечүүгө өбөлгө түзөт. Мында, жыйын өткөрүү максатын жана анын милдеттерин так аныктап, жыйындын өткөрүлөөрү тууралуу тиешелүү инстанцияларга жана жашоочуларга убагында маалымдоо зарыл. Жалпы жыйын орун алган тигил же бул маселелер боюнча айыл жашоочуларынын пикирин угуп, топтоого жана протокол аркылуу алынган сунуш-көрсөтмөлөрдү аларды аткаруу боюнча жоопкерчиликтүү болгон тарапка берүүгө мүмкүндүк түзөт.

Жыйындын акырында алынган сунуштар көпчүлүк учурда сунуш-көрсөтмө мүнөзүндө болот. Ал эми айыл жеринде негизги башкаруу органы болгон курултай сунуш-көрсөтмөлөрдү расмий формада берүү укугуна ээ.

Айыл аймагы, шаар деңгээлинде жергиликтүү жамааттардын курултайы – бул жамаат мүчөлөрүнүн Кыргыз Республикасынын тиешелүү мыйзамына ылайык делегаттарды шайлоосу аркылуу, жергиликтүү маниге ээ иштерди тескөөгө катышуу жана курултайда жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын башчыларынын бүткөрүлгөн иш чөйрөсү боюнча отчетторун кароону кошо алганда, жергиликтүү жамааттардын жашоо турмушуна тиешелүү маанилүү маселелерди талкууга катышуу аркылуу, жыйын өткөрүүнүн өкүлчүлүктүү формасы.

Жергиликтүү жамааттардын мүчөлөрү менен биргелешип талкууну талап кылган маанилүү маселелер боюнча жамааттык чечимдерди кабыл алуу максатында, айыл жана шаар аймактарында жергиликтүү жашоочулардын ичинен курултайдын делегаттары тарабынан шайланган жергиликтүү жамааттардын курултайы чакырылат.

Айыл аймактарынын, шаарлардын, жергиликтүү жамааттардын курултайына катышуучу өкүлдөрүнүн саны калктуу пункттардын мүчөлөрүнүн санына жараша төмөнкүчө бөлүштүрүлөт:

500дөн 2000 чейин- 75-100 делегат;
2001ден 5000 чейин - 100-200 делегат;
5001ден 10000 чейин - 200-300 делегат;
10000 ашуун - 300-500 делегат.

ЖЕРГИЛИКТҮҮ ЖАМААТТЫН КУРУЛТАЙЫНЫН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫ

Жергиликтүү жамааттын курултайы жамааттын уставын кабыл алуу, ага өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү, ошол аймактын социалдык-экономикалык өнүгүшү боюнча программаларды, жергиликтүү калкты социалдык коргоо боюнча комплекстүү программаларды кабыл алууну, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын башчыларынын, ошондой эле жергиликтүү мамлекеттик администрация башчыларынын курултайдын чечимдерин иш жүзүнө ашыруу боюнча отчетторун кошо алганда, жергиликтүү маанидеги орчундуу маселелердин бардыгын кароого укуктуу.

Жергиликтүү жамааттардын курултайынын ыйгарым укуктарына, ошондой эле: жамааттардын жашоо-турмушуна таасир эткен коомдук тартипти сактоо, экологиялык жана санитардык талаптарды аткаруу, майрамдык, диний ж.б. эл көп катышкан иш-чараларды уюштуруу эрежелерин жана чараларын белгилөө маселелери да кирет.

Жергиликтүү жамааттардын курултайынын жергиликтүү бюджет, аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү программалары, жергиликтүү калкты социалдык коргоого алуу боюнча комплекстүү программалар, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруунун аткаруу органдарынын же жергиликтүү мамлекеттик администрацияларынын башчыларына ишеним көрсөтпөө маселелери боюнча чечимдери көрсөтмө мүнөзүндө сунушталат.

Жергиликтүү жамааттардын курултайынын чечими тиешелүү жергиликтүү кеңештин сессиясынын кароосуна милдеттүү түрдө сунушталып, жергиликтүү кеңештин депутаттарынын көпчүлүгүнүн добушу менен кабыл алынат.

Жергиликтүү кеңештин курултайынын чечими ага катышкан делегаттардын көпчүлүгүнүн ачык добуш берүүсү аркылуу кабыл алынат. Делегаттардын добуштарын эсептөө курултайда түзүлгөн эсептөө комиссиясы тарабынан ишке ашырылат.

Курултайдын чечимин кабыл алууда эсептөө комиссиясы түзүлүп, атайы бөлмөлөр каралып, мөөр, бюллетень ташталуучу үкөк жана бюллетендер даярдалышы зарыл. Жергиликтүү кеңештин курултайынан мамлекеттик же расмий тилде протокол толтурулат.

Жергиликтүү кеңештин курултайынын чечими, протоколдор ж.б. документтери жергиликтүү кеңеште 5 жыл аралыгында сакталып, белгиленген мөөнөт бүткөндө архивге тапшырылат.

Жергиликтүү кеңештин курултайынын Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына каршы келген чечимдерине даттанып, сотко кайрылууга болот. Курултайдын чечимин ишке ашыруу, сот тиешелүү чечим кабыл алганга чейин токтотулат.

3-БӨЛҮК. ЭКОЛОГИЯЛЫК УКУК ДЕГЕН ЭМНЕ ЖАНА БИЗ КАНДАЙ УКУКТАРГА ЭЭБИЗ

Экологиялык укук коом менен жаратылыштын өз ара катышынан улам келип чыккан коомдук мамилелерди жөнгө салуу үчүн каралган. Адам баласы чарбалык ишти жүргүзүүнүн натыйжасында экологиялык укуктар курчап турган чөйрөнү коргоого жана жаратылышка жана анын ресурстарына аяр мамиле жасап, үнөмдүү пайдаланылышын камсыз кылууга багыттаган.

Ар бир адам төрөлгөндөн тартып эле таза, коопсуз жана ден соолукка пайдалануу курчап турган чөйрөгө табигый укукка ээ. Экологиялык укукту жашоого жана ден соолукка укук менен ажырагыс бирдикте кароо зарыл.

Экологиялык укук үч түзүмгө бөлүнөт:

Биринчиси – бул, жаратылышты коргоо боюнча иш-чараларды өткөрүү маселелеринде, коомдук мамилелерди жөнгө салуучу катары кызмат кылган жаратылышты коргоого укук;

Экинчиси – бул, жаратылыш ресурстарын пайдалануудан улам келип чыккан мамилелерди жөнгө салган жаратылыш ресурстарына укук;

Үчүнчүсү — бул, коом менен жаратылыш ортосундагы мамилени административдик ж.б. укуктардын жардамы аркысында жөнгө салган укук.

Бүгүнкү күндө Кыргызстандын жашоочулары үчүн өзүнүн экологиялык укуктарын жана аларды ишке ашыруу жана коргоо механизмдерин билүү, өтө маанилүү. Мындан тышкары, белгиленген талаптарды так сактоо, башка жарандардын экологиялык укуктарын бузбоо да маанилүү. Экологиялык укук – бул коомдук мамилелердин жаңы баскычы. Бул механизм - бир гана адамдын укугун эмес, келечек муунду жана бүтүндөй табиятты коргоого алган механизм. Анткени адам баласы эле эмес жаратылыш да жашоого укуктуу.

КУРЧАП ТУРГАН ЧӨЙРӨНҮ КОРГОО ЖАГЫНДАГЫ УЛУТТУК МЫЙЗАМДАР

Кыргыз Республикасынын Конституциясы бүтүндөй ченемдик укуктук база үчүн негизги түп казык болуп саналат, ага ылайык республиканын бардык жарандарына жашоо турмушу жана ден соолугу үчүн ыңгайлуу курчап турган чөйрөдөн пайдаланууга жана жаратылышты пайдалануучулардын иш-аракетинен улам, алардын ден соолугуна же мүлкүнө келтирилген чыгымдын ордунун толтурулуп берилишин талап кылуу укугу каралган.

Кыргыз Республикасы эл аралык милдеттенмелер ал үчүн баштапкы маниге ээ бирдиктүү система катары, укукка таянуу менен иш алып барат. Укук белгилөөчү органдар өзүнө алган милдеттенмелерин ылайык, колдонуудагы мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизип же жаңы нормаларды жана эл аралык нормаларды улуттук мыйзамдарга ылайыкташтыруу жол-жоболорду иштеп сыгат.

Кыргыз Республикасынын "Курчап турган чөйрөнү коргоо жөнүндө" мыйзамында жаратылышты коргоо үчүн юридикалык негиздер белгиленип, жаратылыш ресурстарын айкын пайдаланууга кепилдиктер каралып, бул багытта башкы комплекстүү мыйзамдык акт болуп саналат. Мындан тышкары, бул мыйзам коомдук бирикмелер менен мамлекеттик ар кандай түзүмдөрдүн ортосундагы мамилелерди, алардын укуктарын жана милдеттерин жөнгө салат. Мыйзам актысынын нормалары ар бир жарандын же уюмдун мамлекеттик органдардан курчап турган чөйрө боюнча маалыматтарды алуу мүмкүнчүлүгүн тастыктайт. Мыйзамдын башкы багыты – адам баласынын ден соолугун жана анын Кыргыз Республикасындагы талаптагыдай таза курчап турган чөйрөдөн пайдаланууга табигый укугуна айрыкча басым жасоо менен илимий негизделген экологиялык жана экономикалык таламдарын камсыз кылуу.

Кыргыз Республикасынын "Экологиялык экспертиза жөнүндө" мыйзамы аркылуу экологиялык экспертизаларды жүргүзүү жагындагы укуктук мамилелер жөнгө салынып, ал жарандардын чарбалык жана башка ишкердикти жүргүзүүсүнүн натыйжасында келип чыгышы ыктымал болгон алгылыксыз экологиялык кесепеттерди алдын алуу аркылуу, ыңгайлуу курчап турган чөйрөдөн пайдаланууга алардын конституциялык укугун ишке ашырууга багытталган. Жарандардын жана арлардын бирикмелеринин курчап турган чөйрөнү коргоо жана жаратылышка аяр мамиле жасоо менен анын мүмкүнчүлүгүн үнөмдүү пайдалануу жагында чечимдерди кабыл алуу процессине катышуу мүмкүнчүлүгүнүн биринен болуп, коомдук экологиялык экспертиза саналат. Кыргыз Республикасында экологиялык экспертизанын эки түрү: мамлекеттик экологиялык экспертиза жана коомдук экологиялык экспертиза түрүндө ишке ашырылат.

Кыргыз Республикасынын “Суу жөнүндө” мыйзамы суу ресурсун пайдалануу жана аны коргоого алуу чөйрөсүндө келип чыккан мамилелерди жөнгө салып, чарбалык жана башка ишкердиктин суу объекттерине жана суу чарба курулмаларына экологиялык зыяндуу таасирине бөгөт коюуга, сууга тиешелүү мамилелер жагында мыйзамдуулукту жакшыртууга жана аны чыңдоого багытталган. Мындан тышкары, ушул мыйзам аркылуу курчап турган чөйрөгө тараган суунун саны жана сапаты жөнгө салынып, өнөр жайынан, күндөлүк тиричиликтен келип чыккан калдыктардын жана агындылардын суу объекттерине агылып киришине тыюу салынат.

Кыргыз Республикасынын “Тоолуу аймактар жөнүндө” мыйзамынын максаты республиканын тоолуу аймактарын туруктуу өнүктүрүү, жаратылыш ресурстарын тарыхый, маданий жана архитектуралык мурастарды талаптагыдай сактоо жана сарамжалдуу пайдалануу үчүн социалдык-экономикалык жана юридикалык базаларды түзүү болуп саналат. Бул мыйзам аркылуу тоолуу аймактардын калкына башка бирдей шарттар менен катар эле, артыкчылыктуу укуктар берилет. Коомчулук мамлекеттик органдар менен катар эле, мамлекеттик бюджеттин, ошондой эле коомдук ж.б. фондулардын эсебинен бул аймактардын экологиялык абалына көз салуу максатында, изилдөө иштерин ж.б. иш-чараларды жүзөгө ашыра алат.

Кыргыз Республикасынын “Өзгөчө коргоого алынган жаратылыш аймактары тууралуу” мыйзам аркылуу республика аймагындагы эталондук , уникалдуу жаратылыш комплекстерин жана объекттерди, кооз жайларды, жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүнүн генетикалык фондуларын сактоо, биосферада жүргөн табигый процесстерге көз салып, алардын абалынын өзгөрүшүнө контролдукту жүргүзүү максатында, өзгөчө коргоого алынган аймактарды коргоону уюштуруу жана андан пайдалануу жагында келип чыккан мамилелер жөнгө салынат.

Өзгөчө коргоого алынган аймактардын мамлекеттик кадастры, фондунун абалына баа берүү, мындай аймактарды өнүктүрүү келечектерин, аларды коргоону уюштуруу, сарамжалдуу пайдалануу жана илимий-изилдөөлөрдү пландаштыруу максатында жүргүзүлүп, жергиликтүү мамлекеттик администрацияларды, кадастрда катталган таламдаш ишканаларды, уюмдарды жана мекемелерди регионду социалдык-экономикалык өнүктүрүү милдеттерин чечүүдө жана өндүрүш күчтөрүн жайгаштырууда тиешелүү маалыматтар менен камсыз кылат.

Кыргыз Республикасынын Токой кодексинде токой тилкелеринин сарамжалдуу пайдаланылышы, коргоого алышы жана санын көбөйтүлүшү, экологиялык жана ресурстук потенциалын жогорулатуу, аларды үнөмдүү пайдалануунун укуктук негиздери белгиленген. Кодексте ошондой эле, ага ылайык жүргүзгөн иш аракеттери токойлордун абалына, алардын катарынын көбөйүшүнө таасир эткен уюмдар жана жарандар токой чарбасын тескөө

боюнча мамлекеттик органдарга токойлордун абалы, аларды коргоо жана сактоого тиешелүү маалыматтарды дайыма берип турууга милдеттендирген нормалар камтылган. Мындан тышкары, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарына жана жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга, токой чарбасын тескөөгө алуу боюнча мамлекеттик органдар менен токойлорду коргоого жана аларды сактоого багытталган технологиялык, санитардык ж.б. иш-чараларды макулдашуу менен ишке ашыруу шарттары белгиленген.

Кыргыз Республикасынын "Айыл чарба багытындагы жерлерди тескөө жөнүндө" мыйзам аркылуу, айыл чарба багытындагы жер тилкелерин тескөөнүн укуктук негиздери жөнгө салынып, жерди ошол аймакта жашаган элдин таламында натыйжалуу жана коопсуз пайдалануну камсыз кылууга багытталган.

Кыргыз Республикасынын "Суу объекттерин, суу ресурстарын жана суу чарба курулмаларын мамлекеттер аралык деңгээлде пайдалануу жөнүндө" мыйзамда Кыргыз Республикасынын суу объекттерин, суу ресурстарын жана суу чарба курулмаларын мамлекеттер аралык деңгээлде пайдалануу боюнча мамлекеттик саясаттын негизги принциптери жана багыттары аныкталган. Бирок, мыйзам түздөн-түз таасир эткен мыйзам болуп саналбайт. Анткени бүгүнкү күнгө чейин бул мыйзам талаптарын ишке ашыруу механизмдери иштелип чыга элек.

Кыргыз Республикасынын "Калктын санитардык-эпидемиологиялык коргоого алынышы жөнүндө" мыйзам калк үчүн санитардык-эпидемиологиялык шарттарды камсыз кылууга багытталып, жарандардын ден соолугун коргоо жана айлана-чөйрөнү талаптагыдай күтүүгө конституциялык укугун ишке ашырууга мамлекеттик гарантиясы бекемделген.

Кыргыз Республикасынын "Калктын радиациялык коопсуздугу жөнүндө" мыйзамында калктын радиациялык коопсуздугун камсыз кылдуу жана курчап турган чөйрөнү сырткы нурлардын кесепеттүү таасиринен коргоо жагындагы укуктук мамилелер аныкталып, ведомстволор аралык, секторлор аралык өз ара иш алып баруу жөнгө салынган.

Мыйзамда жарадарга жана юридикалык жактарга адам ден соолугуна кедергисин тийгизген нур булактарын пайдалануу менен иш алып барган уюмдардан объективдүү маалыматтарды алуу укугу каралган.

Кыргыз Республикасынын "Өндүрүш жана күндөлүк керектөө калдыктары жөнүндө" мыйзамында өндүрүш жана күндөлүк керектөө калдыктарын иштетүү жагындагы мамлекеттик саясат аныкталып, анда бул калдыктардын курчап турган чөйрөгө, адам баласынын ден соолугуна тийгизген терс таасир этүүсүнө бөгөт коюу максатын көздөйт. Мында ошондой эле, калдыктарды кошумча чийки зат булагы катары чарбалык ишке мүмкүн болушунча тартуу жолдору каралган.

Калдыктарды кайра иштетүү жагында чечим кабыл алууда мамлекеттик экологиялык экспертизаны милдеттүү түрдө жүргүзүү, колдонуудагы мыйзамдарга ылайык калдыктарды кайра иштетүү жагында маалыматтардан пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу, улуттук таламдарды коргоону эске алуу менен калайык-калктын таламдарын көздөгөн чечимдерди кабыл алуу калдыктарды кайра иштетүү жагында мамлекеттик саясаттын негизги принциптеринин бири болуп саналат

Кыргыз Республикасынын "Жер казынасы жөнүндө" мыйзамында мамлекеттеги жер казынасынан жеке адамдар жана юридикалык жактар, ошондой эле башка мамлекеттер тарабынан пайдаланылышы шартында келип чыккан мамилелер жөнгө салынат.

Кыргыз Республикасынын "Калдыктарды сактоочу жайлар жана кен калдыктары жөнүндө" мыйзамы келечекте муунду, курчап турган чөйрөнү жана калдык сактоочу жайлар менен иш алып барууда жана кен калдыктарын иштетүүдө коопсуздугун камсыз кылууга багытталагн. Мыйзамда кен сактоо жайларына жана кен калдыктары менен иш алып баруу жагында мамлектеттик саясаттын принциптери аныкталган.

Кыргыз Республикасынын "Кооптуу өндүрүш обьекттеринде өнөр жай коопсуздугу жөнүндө" мыйзамында негизги өндүрүштүк объекттерди пайдалануда коопсуздукту камсыз кылуунун укуктук, экономикалык жана социалдык негиздери аныкталып, мындай жайларда кырсыктарды алдын алуу жана мындай объекттерди иштеткен уюмдардын келип чкыкан кырсыктын кесепеттерине бөгөт коюп, аны четтеүүгө даярдыгын камсыз кылууга багытталган.

Кыргыз Республикасынын "Балык чарбасы жөнүндө" мыйзамы аркылуу республикада балык чарбасын өнүктүрүү, анын запасын сактоо жана арттыруу, көлмөлөрдүн, атайы чарбалардын балык өстүрүү жагындагы мүмкүнчүлүктөрүн арттыруу аркылуу, өлкө калкынын балык этине болгон керектөөсүн толук канаттандыруу максатында балык чарбаларынын ишин укуктук, экономикалык жана уюштуруучулук негиздерин жөнгө салат.

Кыргыз Республикасынын Жер кодексинде жер ресурсун сарамжалдуу пайдалануунун укуктук негиздери белгиленип, жерди пайдалануу жана коргоо алуу жагында түптөлгөн мамилелер жөнгө салынган.

Кыргыз Республикасынын "Жаныбарлар дүйнөсү жөнүндө" мыйзамы жаныбарлар дүйнөсүн коргоо алууга жана чөйрөсүн кеңейтүү жагында түптөлгөн мамилелерди жөнгө салат жана өсүмдүк дүйнөсүнүн объекттерин үнөмдүү пайдалууга багытталган.

Кыргыз Республикасынын “Өсүмдүк дүйнөсүн коргоо жөнүндө” мыйзамы өсүмдүк дүйнөсүн коргоо жана чөйрөсүн кеңейтүү жагында түптөлгөн мамилелерди жөнгө салат жана өсүмдүк дүйнөсүнүн объекттерин үнөмдүү пайдалууга багытталган.

Кыргыз Республикасынын “ Эл аралык келишимдер жөнүндө” мыйзамы Кыргыз Республикасынын эл аралык мамилелеринин укуктук негизи жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын курамдык, түздөн-түз колдонулуп жаткан бөлүгү болуп саналат.

Курчап турган чөйрөнү коргоо жагындагы мыйзамдардын тизмеси менен тиркемелерден таанышууга болот, ал эми экологияга тиешелүү мыйзамдардын, токтомдордун жана буйруулардын текстин *http://www.nature.kg/lawbase/index.htm* шилтемеси аркылуу табууга болот.

КУРЧАП ТУРГАН ЧӨЙРӨНҮ КОРГОО ЖАГЫНДАГЫ ЭЛ АРАЛЫК МЫЙЗАМДАР

1995-жылдан тартып бүгүнкү күнгө чейин Кыргыз Республикасы 12 эл аралык жаратылышты коргоо конвенцияларына жана аларга карата 3 протоколго кол коюп, ратификациялаган. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттиги 11 эл аралык конвенция боюнча аткаруучу орган болуп саналат (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 16-январындагы №13 буйруусу). Ал эми Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, суу чарбасы жана кайра иштетүү өнөр жай министрлиги Чөлгө айлануууга каршы күрөшүү боюнча конвенцияны аткаруучу орган катары дайындалган (Кыргыз Республикасынын ага кошулуу жөнүндө 1999-жылдын 21-июлундагы №85 мыйзамы).
Кыргыз Республикасыны Косктитуциясына ылайык (6-беренин 3-пункту) белгиленген тартипте күчүнө кирген, Кыргыз Республикасы ага катышкан эл аралык келишимдер, ошондой эле эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптери жана нормалары Кыргыз Республикасынын укук системасынын курамдык бөлүгү болуп саналат.

Конвенциянын аталышы (Протоколдор)	Конвенциялардын максаты	Ратифика-ция (кошулуу)
Климаттын өзгөрүүсү тууралуу алкактуу кон-венция	Абада парник газынын климаттык шартка кооптуу антропогендик таасир этүүсүнө жол бербегендей деңгээлде концентрация-ланышына жетишүү. Мындай деңгээлге экосистеманын климаттын табигый өзгөрүүсүнө ыңгайлашуусу үчүн шарт түзгөн мөөнөттө жетишилүүгө тийиш. Бул азык-түлүктү өндүрүүгө жана экономикалык андан ары өнүгүүгө коркунучту четтетүүнү камсыз кылат.	Кыргыз Республикасы нын ага кошулуу жөнүндөгү 2000-жылдын 14-январындагы № 11 мыйзамы
Климаттын өзгөрүүсү тууралуу алкактуу кон-венцияга карата Киот Протоколу	Аталган конвенциянын тиешелүү жоболорунун аткарылышына жетишүү жана климаттык шартка антропогендик тааирс этүү коркунучуна жол бербөө негизги максат катары белгиленген.	Кыргыз Рес-публикасыны н аны рати-фикациялоо жөнүндөгү 2003-жылдын 15-январындагы № 9 мыйзамы

Биологиялык ар түрдүүлүк жөнүндө конвенция	Биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо, анын компоненттерин туруктуу пайдалануу жана генетикалык ресурстарды пайдаланууга байланыштуу бирдей жана адилеттүүлүктүн негизинде биргелешип пайда көрүү, анын ичинде генетикалык ресурстарга зарыл мүмкүнчүлүктү берүү жана мындай ресурстарга, технологияларга бардык укуктарды эске алуу менен тиешелүү технологияларды талаптагыдай өткөрүп берүү, ошондой эле жетиштүү көлөмдө каржылоо аркылуу, генетикалык ресурстардан пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу.	Кыргыз Республикасынын ага кошулуу жөнүндөгү 1996-жылдын 26-июлундагы *№ 40* мыйзамы
Биологиялык ар түрдүүлүк жөнүндө конвенцияга карата биокоопсуздук боюнча Картахен протоколу	Адам баласынын ден соолугу үчүн тобокелдиктерди эске алуу менен биологиялык ар түрдүүлүктү сактоого жана туруктуу пайдалануга алгылыксыз таасир этиши мүмкүн болгон заманбап биотехнологияларды колдонуунун натыйжасында, тирүү өзгөрүүлөргө дуушар болгон организмдерди коопсуз өткөрүп берүү, кайра иштетүү жана пайдалануу жагында коргоонун талаптагыдай деңгээлин камсыз кылууга көмөктөшүү саналат.	Кыргыз Республикасынын ага кошулуу жөнүндөгү 2005-жылдын 6-августундагы №140 мыйзамы
Ири аймактарда абанын булганышы, анын ичинде чек ара аркылуу өтүү менен да олуттуу булганышы жөнүндө конвенция	Адам баласынын ден соолугун жана жашоо турмушун, курчап турган чөйрөнүн абанын булганышын коргоо, ошондой эле чек ара аркылуу өткөн булганган абаны кошо алганда, абанын булганышын мүмкүн болушунча кыскартуу жана ага бөгөт коюуга аракеттенүү.	Кыргыз Республикасынын ага кошулуу жөнүндөгү 14.01.2000-жылдын 14-январындагы №11 мыйзамы
Озон катмарын коргоо жөнүндө Вена конвенциясы	Ар кандай ишкердиктин натыйжасында озон катмарынын абалын өзгөрүшүн шарттаган же өзгөрүшүнө алып келген алгылыксыз кесепеттерден адам баласынын ден-соолугун жана курчап турган чөйрөнү коргоо.	Кыргыз Республикасынын аны ратификациялоо жөнүндөгү 2000-жылдын

		15-январындагы №16 мыйзамы
Озон катмарынын бузулушуна алып келген заттар боюнча Монреал протоколу	Ар кандай ишкердиктин натыйжасында озон катмарынын абалын өзгөрүшүн шарттаган же өзгөрүшүнө алып келген алгылыксыз кесепеттерден адам баласынын ден-соолугун жана курчап турган чөйрөнү коргоо.	
Эл аралык соодада айрым коркунучтуу химиялык заттарга жана пестициддерге карата алдын ала негизделген макулдашуунун жол-жобосу жөнүндө Роттердам конвенциясы	Эл аралык соодада айрым коркунучтуу химиялык заттардын адам баласынын ден соолугуна жана курчап турган чөйрөгө таасирине бөгөт коюу үчүн алардын мүнөздөмөлөрү боюнча маалыматтар менен алмашууну жеңилдетүү жана мындай заттардын импортуна жана экспортуна тиешелүү чечим кабыл алууну улуттук деңгээлде ишке ашыруу жана ал чечимдерди тараптар арасында таркатууга тиешелүү жоболорду иштеп чыгуу аркылуу тараптардын жалпы жоопкерчиликти өзүмө алуусун жана биргелешип аракеттенүүсүнө өбөлгө түзүү.	Кыргыз Республикасынын аны ратификациялоо жөнүндөгү 2000-жылдын 15-январындагы №15 мыйзамы
Зыяндуу калдыктардын чек ара аркылуу алынып өтүшүнө контролдук жөнүндө Базель конвенциясы	Таасирдүү контролдоо системасын жөнгө салуу аркылуу коркунучтуу калдыктардын кесепеттүү таасиринен адам баласынын ден-соолугун жана курчап турган чөйрөнү коргоо.	Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 1996-жылдын 18-январындагы № 304-1 токтому
